# Кыргызстан:
## жаран жана мамлекет



ЦЕНТР ПОЛИС АЗИЯ

Астана шаарындагы
Польша Республикасынын
элчилиги

# Кыргызстан: жаран жана мамлекет

*ЖОЖдор үчүн окуу колдонмосу*

БИШКЕК 2013

УДК 340
ББК 67
М 91

Кыргыз-Орус Славян университетинин окуу-методикалык кеңешинин сунушу менен басууга берилди.

Бул колдонмо Полис Азия борборунун «Жарандык билим берүү мектеби» долбоорунун алкагында Астана шаарындагы Польша элчилигинин колдоосу менен басып чыгарылууда

**Рецензенттер:** КР Атайын жана Ыйгарым укуктуу элчиси, профессор Абдуразаков И. А.
тарых илим. доктору, профессор Акунов А. А.
тарых илим. канд., профессор Машрапов Т. Т.
тарых илим. канд., доцент Халанский И. В.

**Мурзакулова А. Дж.**

**М 91** Кыргызстан: жаран жана мамлекет. ЖОЖдор үчүн окуу колдонмосу/ жооптуу редакторлор Дятленко П. И. Кулсариева Г. Т. – Б.: ST.art LTD, -2013, – 126 б.

**ISBN 978–9967–05–938–2**

Бул китеп 2012-жылы орус тилинде басылып чыгарылган «Гражданин и государство в современном Кыргызстане» окуу колдонмосунун негизинде толукталып, кошумча темалар менен кыргыз тилинде чыгарылды. «Кыргызстан: жаран жана мамлекет» окуу колдонмосу жарандуулук, коом жана мамлекет сыяктуу категориялар системалык түрдө каралды. Азыркы Кыргызстандагы мамлекет менен жарандын ортосундагы өз ара байланышка өзгөчө басым жасалды. Коомдук турмуштун демократиялаштыруу, мамлекеттик түзүлүш жана жарандык жоопкерчилик сыяктуу жактары талдоого алынды. Саясий жана укуктук чөйрөдөгү жарандуулуктун олуттуу проблемалары тыгыз байланышта каралды. Окуу колдонмосунун максаты – окурмандардын жарандын азыркы коомдогу жана мамлекеттеги ролу туурасында илимий түшүнүгүн калыптандыруу болуп саналат.

Колдонмо ЖОЖдун окутуучуларына жана студенттерине, ошондой эле жарандын, коомдун жана мамлекеттин өз ара иштешүү маселелерине кызыккандарга арналат.

**М 1201000000–13**

**ISBN 978–9967–05–938–2**

**УДК 340**
**ББК 67**
**©Мурзакулова А. Дж. 2013**

## Мазмуну

Киришүү.......................................................................... 5
Тема 1. Жаран деген ким? ............................................. 8
Тема 2. Эгемендүү Кыргызстандагы мамлекет жана жаран .............................................................. 11
Тема 3. Кыргызстандагы бүгүнкү коом жана андагы жарандуулуктун ролу............................................15
Тема 4. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик курулушуна жана президенттик институтунун табигый өнүгүүсүнө конституциялык реформалар аркылуу кыскача баяндама ................................................... 19
Тема 5. Демократия: аныктамалар, шарттар жана азыркы окумуштуулардын көз караштары............................ 25
Тема 6. Мамлекет коомдун саясий системасынын негизги элементи катары. Мамлекетке берилүүчү түрдүү аныктамалар ............................................................. 30
Тема 7. Мамлекеттин типологиясы: башкаруу формасы ....... 36
Тема 8. Мамлекеттердин типологиясы: Мамлекеттин түзүлүш формасы.................................................... 43
Тема 9. Мамлекеттин ички жана тышкы милдеттери ............ 48
Тема 10. Мамлекеттик аппарат жөнүндө түшүнүк. Мамлекеттик органдар жана аларды классификациялоо ..... 52
Тема 11. Мамлекеттик бюджет деген эмне? ...................... 62
Тема 12. Мамлекеттик бюджет кандай кирешелерден түзүлөт жана эмнелерге чыгымдалат? .............................. 68
Тема 13. Базар экономикасы жана анын мамлекеттин өнүгүүсүндөгү ролу.............................................. 76
Тема 14. Жеке менчик деген эмне? ....................................... 83
Тема 15. Жарандык коом деген эмне? ................................. 88

Тема 16. Кыргызстандагы шайлоо институттары ...................... 92
Тема 17. Кыргызстандагы саясий партиялар............................ 97
Тема 18. Кыргызстандагы этномаданияттын көп түрдүүлүгү: жетишкендиктер жана проблемалар ..................................... 102
Глоссарий ........................................................................ 111
Тиркеме .......................................................................... 120

## Киришүү

Кыргызстан үчүн жарандык билим берүү проблемасы, азыркы билим берүү системасынын актуалдуу милдеттеринин бири болуп саналат. Азыркы билим берүү программаларында жарандын образы кандайча берилген? Окуу колдонмосун иштеп чыгуу учурунда Кыргызстандын билим берүү мейкиндигинде бул суроого жооп табуу өтө кыйын экендигине ынандык. Айрым гана окуу колдонмолорунда бул маселеге кайрылууга аракет жасалгандыгы болбосо, академиялык чөйрөдө жарандын образы, демек, өлкөнүн келечегинин образы боюнча кеңири дискуссия болгон эмес. Ошондон улам, аталган кенемтени толтуруу максатында жарандык компетенттүүлүктү жогорулатуу маселелерине арналган өзүнчө курсту иштеп чыгуу зарылдыгы келип чыкты.

Өлкөдө акыркы он жыл ичинде болуп өткөн саясий процесстер Кыргызстандагы жарандык аң-сезимдүүлүктүн жаралышына жана калыптанышына байланышкан көптөгөн проблемалардын бетин ачты. Коомду бөлүп-жаруу тенденциясы (экономикалык: бай-кедей болуп; аймактык: түндүк-түштүк болуп, этностор аралык: «титулдук улут» жана «улуттук азчылык» болуп) барган сайын күч алып жаткан убакта аны бириктирүү милдети өтө курч болууда. Кандай концептуалдуу негиздер коомдук биригүүнүн өзөгү боло алат? Өзүн -өзү аңдап билүүдөгү ички карама-каршылыктарды канткенде болтурбай коюуга болот? Адамдардын жана мамлекеттин өнүгүүсүнө дем берүүнү ким аркылуу жасоо керек? Окуу колдонмосундагы позицияга ылайык, бул милдет Кыргыз Республикасынын компетенттүү жаранын калыптандыруу аркылуу чечилет.

Бул колдонмонун максаты – жарандык билим берүүнүн негизин түзгөн түшүнүктөргө, атап айтканда, жарандык өзүн -өзү идентификациялоо, жаран жана мамлекет, мамлекеттин саясий түзүлүшү, шайлоо системасы жана жарандык жоопкерчилик, сындуу түшүнүктөргө жана аларга байланышкан проблемаларга комплекстүү түшүндүрмө берүү болуп саналат.

Бул курс Кыргызстандын ЖОЖдорунун төмөнкү курстарынын студенттерине арналган жана азыркы билим берүү системасында кеңири тажрыйбаланып жаткан тандоо боюнча курс (ТБК) катары сунушталат. Жарандык билим берүүнүн көптөгөн тематикалык бөлүмдөрү бул колдонмого киргизилген жок (мисалы, адам укуктары ж. б.). Себеби, анын үстүндө иштеп жаткан учурда биз Кыргызстандын орто мектептери үчүн IFES фондунун колдоосу менен авторлор жамааты тарабынан даярдалган окуу колдонмосуна таянган болчубуз. Бул колдонмо Билим берүү жана илим министрлиги менен түзүлгөн меморандумдун негизинде милдеттүү түрдө окула турган болуп программага киргизилген. Ошондон улам бул окуу колдонмосу орто мектепте милдеттүү түрдө жаран таануу боюнча курстун окутулушун, мазмунунда мектеп программасындагы темалардын кайталанбашын эске алуу менен түзүлгөн.

Окутуучулар үчүн усулдук сунуш катары бул курс боюнча дискуссиялык мүнөздөгү сабактарды өтүүнүн зарылдыгын белгилеп койгубуз келет.

Колдонмодо студенттерди ар бир тематика боюнча концептуалдык, практикалык мисалдар менен тааныштыруу аркылуу темаларды ачып берүүгө аракет жасалды. Ошондон улам, сабактардын планын түзүүдө дебаттар, топтордогу чакан презентациялар, кереге кеңештер,

имитациялык оюндар (мисалы, «Шайлоо системасы» деген тема боюнча) сыяктуу форматтарды колдонууга басым жасалышы керек. Тиркемеде курс боюнча жазуу жүзүндөгү тапшырмаларды түзүүнүн үлгүлөрү берилген.

Автор бул колдонмонун жарык көрүшүнө мүмкүнчүлүк түзгөн Астана шаарындагы Польша элчилиги, ошондой эле баалуу кеңештерин берген редакторго, рецензенттерге, кесиптештерине ыраазычылык билдирет.

## Тема 1. Жаран деген ким?

> **Жаран** – өзүнүн кызыкчылыктарына эмне төп келе тургандыгы жана **кайсы саясий тандоосу ага бул кызыкчылыктарды камсыздоого мүмкүндүк бере тургандыгы жөнүндө** жеткиликтүү билимге ээ болгон адам.
>
> Даль Р. Жарандык компетенттүүлүктүн көйгөйлөрү

Жаран саясий процесстин өз алдынча каарманы катары салыштырмалуу түрдө жакынкы жылдардын аралыгында эле пайда болду десек болот. Республикалык башкаруу формасындагы жаран менен мамлекет (монархияга теңтайлашуу менен) Батышта жана Чыгышта бир мезгилде болбосо да жаңы саясий мезгил башталгандыгынын белгиси катары болуп калышты. Орто кылымдардагы Европадагы революциялардан тартып, 2011-жылы жазында болуп өткөн араб өлкөлөрүндөгү саясий чоң өзгөрүүлөр[1] жарандардын саясий аң-сезиминин калыптангандыгын көрсөтө алды.

Эреже катары, саясий өз ара аракеттенүүнүн көнүмүш субъектилери катары – мамлекеттер, улуттар, коомдор, эл аралык уюмдар, өлкөлөрдүн лидерлери (президенттер, премьер-министрлер, монархтар) катыша алат. Бийликтин мындай координаталарында бир катар юридикалык жана жекече мүнөздөмөлөргө ээ, өзүнүн мамлекет жана коом менен байланышын белгилүү бир саясий чектердин алкагында аныктаган адам өзүн жаран деп атайт.

Жарандуулук терминдеринде адамга аныктама бере турган бир катар юридикалык мүнөздөмөлөр бар.

1 2011-жылы Араб жазы. Ливия, Египет, Тунис ж. б. өлкөлөрдө салттуу бийлик алмашып, революциялар болуп өткөн.

«Жарандуулук – адам менен мамлекеттин ортосундагы адамдын ар-намысын, негизги укуктарын, эркиндиктерин таанууга жана урматтоого негизделген өз ара укуктарын, милдеттерин жана жоопкерчилигин чагылдырган туруктуу укуктук байланыш».

Авакьян С. Юристтин энциклопедиясы

Ошентип, жаран мамлекет менен тыгыз өз ара байланышта болот жана анын көз карандылыгы адамдан айырмалап турган өзгөчөлүгү болуп **шайлоого жана шайлануу укугуна ээ** кылган фундаменталдык укуктарынын болушу эсептелет. Анткен менен азыркы заманда жарандын юридикалык же формалдуу мүнөздөмөлөргө ээ болуусу жарандуулуктун толук көрсөткүчү боло албайт.

Эреже катары, көпчүлүк жарандардын жарандуулуктун юридикалык мүнөздөмөлөрүнө ээ болгону менен алардын жоопкерчилигине таасир эте ала турган, минималдуу саясий сабаттуулугуна кепилдик бере ала турган жөнөкөй билими да жок. Бул алардын саясат чөйрөсүндө да, жарандардын өз укуктарын коргоо жаатында да, ар кандай баш айландырууларга жана маалыматсыздыкка дуушар болуусуна алып келет. Демек, бүгүнкү күндөгү жаран – **жарандуулукка ээ болуу менен гана чектелбей, эртеңки күндө өзүнүн саясий тандоосун жасап, ал үчүн жарандык жоопкерчиликти мойнуна алууга жөндөмдүү болгон адам болуп саналат**. Бул тандоо (мамлекет башчысын, саясий партияларды, эл өкүлдөрү болгон депутаттарды ж. б.) жарандык кызыкчылыктарды камсыздоого багытталышы керек.

Өзүнүн саясий тандоосун иш жүзүнө ашырып, аны коргой алган компетенттүү жарандын көйгөйлөрү жалпы жаш мамлекеттерге гана тиешелүү болбостон, жарандуулуктун жетишээрлик узак мөөнөттөгү демократиялык салттары бар өлкөлөргө да тиешелүү. Азыркы жогорку технологиялар, социалдык түйүн-

дөр, интернет жана массалык коммуникациялар өнүккөн кылымда жарандардын саясий компетенттүүлүгүн жогорулатуу милдети өтө курч маселе бойдон калууда.

**Идеалдуу деп айтуу үчүн Кыргызстандын жараны төмөнкү мүнөздөмөлөргө ээ болуусу зарыл:**

- өзүнүн шайлоодогу добушун өзүнүн тандоосунан тышкары бербөө;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына баш ийүү жана урматтоо, алардын аткарылышын талап кылуу;
- адамдын этносуна, динине, расасына карабастан анын укуктарын жана эркиндиктерин урматтоо;
- мамлекеттик институттардын өз милдеттерин аткаруусун көзөмөлдөө;
- маалыматка ээ болуу.

**Ой жүгүртүүгө суроолор:**

1. Өз жарандуулугуңду кандайча көрсөтүүгө болот?
2. Кыргызстандын жарандары үчүн кимди үлгүлүү жаран катары көрсөтө аласыз?
3. Жаран кандай сапаттарга ээ болуусу керек?
4. Мамлекеттин натыйжалуу иштешине компетенттүү жаран кандайча таасир көрсөтө алат?

**Окуу үчүн сунушталуучу адабияттар.**


1. Даль Р. Проблемы гражданской компетентности Элекронная библиотека Гумер www.gumer. info/ bibliotek_ Buks /Polit/dal/pr_gra.php
2. Аронсон Э., Пратканис Э. Р. Эпоха пропаганды: Механизмы убеждения, повседневное использование и злоупотребление // Электронная библиотека Гумер www. gumer. info/ bibliotek_Buks/Psihol/EpohProp/11.php

## Тема 2. Эгемендүү Кыргызстандагы мамлекет жана жаран

Кыргызстандагы жаран менен мамлекеттин ортосундагы мамиле кыйынчылык менен, айрым учурда драмалык мүнөзгө ээ болуп түзүлүп келген. 1990–2010-жылдардагы Ош окуялары, 2002-жылдардагы Аксы окуялары, 2005-жылдардагы март окуялары жана башка жаңжалдар Кыргызстандагы жаран менен мамлекеттин өз ара мамилеси өтө татаал абалда экендигин көрсөттү.

1990-жылдардын башында башталган системалык өзгөрүүлөр алардын өз ара байланышындагы негизги өзгөчөлүк болуп калды. Бул процесстер мамлекет менен жарандын өз ара иштешүүсүнүн маданиятынын мурдагы советтик мурастардан баш тартып, жарандуулуктун жаңы көрүнүшүнө трансформацияланышына жол ачты. Республиканын эгемендүүлүгүнүн жыйырма жылдык тарыхында жаңы дөөлөттөрдү, коом жана мамлекеттин ортосундагы өз ара байланыштын эрежелерин издөө процесси болуп келди.

**Мамлекет менен жарандын өз ара аракетин эки маданий салт аныктайт:**

- **Өз ара мамилелердин патерналисттик маданияты:** мында мамлекет жарандын атасы катары ага турмуштун маданий, идеологиялык багыттарын көрсөтүп берип турат жана анын экономикалык ишмердигин көзөмөлдөйт.
- **Өз ара мамилелердин либералдык-демократиялык маданияты:** мында жаран өз алдынча индивид катары мамлекеттин ишмердигине көзөмөл жүргүзөт.

Биринчи салт тоталитардык, авторитардык (жарым-жартылай авторитардык) башкаруу орнотулган, ошондой эле монархиялык башкаруу сакталган мамлекеттерге таандык. Экинчи салт болсо, өнүккөн жарандык коомдун институттары, саясий партиялары, көз карандысыз ЖМК бар демократиялык башкаруу формасын кабыл алган мамлекеттерге таандык. Жаран менен мамлекеттин ортосундагы негизги коммуникациялык аракеттер төмөнкүдөй мезгилдердин аралыгында болуп өтөт: жарандар өз эркин билдирген учурда – шайлоолордо, референдумдарда; мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдаланган учурда – бюджеттик билим берүү, саламаттыкты сактоо; социалдык милдеттенмелер аткарылган учурда – пенсияларды төлөө, жөлөк пулдарды берүү ж. б.; ошондой эле жарандарга маалымат берүүдө – мамлекеттик ЖМКнын маалыматтык саясаты.

Конкреттүү бир коомдогу тарыхый жана саясий салттардын мүнөзүнө жараша жаран менен мамлекеттин жүрүш-турушунун ар түрдүү моделдерин калыптандырса болот.

**Мисалга алсак:**

1. Мамлекетти колдогон жаран – мамлекеттин жоокери, ал анын патриоту болуу менен бийликтин демилгесин колдоп, мамлекет тарабынан кабыл алынган чечимдерге макул болушу керек;
2. Жаран – мамлекеттин сынчысы, мамлекеттик системаны жакшыртуу маселелеринде компетенттүү, ошондой эле мамлекеттик системанын көйгөйлөрүн жана кемчиликтерин сезе билген инсан. Ал өзүнүн активдүүлүгү менен системаны жакшы жагына өзгөртө алат.

Демек, жаран менен мамлекеттин өз ара аракеттери бири бирине таасир көрсөтө алат. Компетенттүү жаран мамлекеттин институттары кабыл алган чечимдердин сапатына таасир эте алат. Ошол эле учурда мамлекетти колдогон жаран мамлекеттик институттар кабыл алган чечимдерди жакшы жагына өзгөртүү боюнча эч кандай активдүү кадамдарга бара албайт.

Азыркы Кыргызстанда мамлекет менен коомдун ортосундагы өз ара мамилелердин бир түрдүү тиби калыптана элек. Бул мамилелер өлкөдөгү конкреттүү саясий кырдаалдар менен шартталган.

Белгилей кетчү нерсе – 1990-жылдары түзүлгөн бийликтин жаңы институттары мамлекеттин алсыздыгын көрсөтүп, натыйжада мамлекет коомдук жана экономикалык мамилелерге начар катышып калган.

Коомдук турмуштун көптөгөн чөйрөлөрүн мамлекет тарабынан жөнгө салуу начар болгондуктан, биринчи кезекте өлкөнүн экономикасы начарлап, жарандардын мамлекетке болгон ишеними кетип, эл өзүн-өзү багууга өткөн. Бул мамлекеттик бийлик институттарынын коом алдында кадыр-баркы кетип, коомдогу ээлеген орду төмөндөп, терс көрүнүштөрдүн жаралышына түрткү берди. Кыргыз коомчулугу регионалдык этникалык принциптер боюнча бөлүнүп-жарыла баштады. Мындай терс көрүнүштөр өлкөнүн бирдиктүү жарандык коомунун калыптануусуна тескери таасирин тийгизбей койгон жок.

**Ой жүгүртүүгө суроолор:**

1. Мамлекет менен өз ара аракеттенүүдө сиздин кандай жеке тажрыйбаңыз бар экендигин талдап көрүңүз.

2. Кайсы мамлекеттик институттар менен өз ара аракеттенүүдө сиз өзүңүздүн жарандуулугуңузду сезесиз?
3. Кыргыз Республикасында мамлекет менен жарандын ортосундагы мамилеге кандай мүнөздөмө берет элеңиз?

**Окууга сунушталуучу адабияттар:**


1. Акаева Б. Цветы зла. О так называемой «тюльпановой революции» в Кыргызстане. – М.: Международные отношения, 2006.

2. Исаев К. «Восток – дело тонкое», или лицо кыргызской власти глазами очевидца. – Бишкек ОсОО «ТАС», 2006.

3. Князев А. Государственный переворот 24 марта 2005 г. в Киргизии. Изд. 2-е, исправл. и доп. – Бишкек, 2006.

4. Мадылбай Т. Мартовская революция 2005 года // ИА Акипресс www.akipress.org/kghistory/news:9921

5. Назаралиев Ж. Движение масс или стихия толпы (Правда о кыргызской революции 2005 г.). – Бишкек, 2006.

## Тема 3. Кыргызстандагы бүгүнкү коом жана андагы жарандуулуктун ролу

**Кыргызстандык коом** – бул Кыргыз Республикасында жашаган бардык жарандардын этникалык, расалык, диний жана башка өзгөчөлүктөрүнө карабастан, биргелешкен коому.

Жарандуулук адамдын өзүн-өзү идентификациялоосунун бир түрү болуу менен баарыдан мурда анын конкреттүү инсан катары коом жана мамлекет менен болгон өз ара байланышын жана жоопкерчилигин канчалык деңгээлде сезе билүүсүнө көз каранды.

Кыргызстан коомунун калыптануу жана өнүгүү тарыхы, көптөгөн башка коомдор сыяктуу эле, татаал тарыхый процесстер менен коштолгон. Кыргызстан коомунун өнүгүүсүнө 1990-жылдардын башындагы олуттуу тарыхый окуялар – СССРдин кулашы, 1991-жылдын 31-августунда Эгемендүү Кыргыз Республикасынын жарыяланышы чоң түрткү берди. Мамлекеттүүлүктүн татаал 22 жылдык калыптануу мезгилинде, коомдук мамилелерде жаңы жарандык изденүү, өздөрүн Кыргызстандын жараны деп кабылдоо процесси жүрүп турду.

Бир катар социологиялык изилдөөлөр көрсөткөндөй, Кыргызстандын эли дайыма эле өзүн жаран катары кабылдабайт, ошону менен бирге эле жарандуулук терминдеринде өзүн идентификациялаган адамдардын саны өсүп бараткан тенденция да байкалууда. Бул жерде белгилей кетчү нерсе – Кыргызстан салыштырмалуу жаш мамлекет болгондуктан, өлкөнүн жана анын жарандарынын алдында бир катар өзөктүү, маанилүү милдеттер турат:

- бирдиктүү жарандык маданиятты жана баалуулуктарды калыптандыруу, жалпы «Биз» деген кабылдоону калыптандыруу;
- адам эркиндиктери жана укуктары, демократия принциптерин туруктуу сактоо;
- саясий сабаттуулукту жана жарандык компетенттүүлүктү күчөтүү;
- жарандардын маалыматтуулук тажрыйбасын жогорулатуу.

Жогоруда аталган багыттар менен кошо жалпы келечекти жана өтмүштү бекемдөө милдети турат. Бир топ изилдөөчүлөрдүн белгилегенине караганда, биз коом деп атаган бир дагы социалдык система толугу менен көз карандысыз жана өз алдынча боло албайт. Кыргызстан коомчулугу өз кезегинде түрк, араб жана персия цивилизациясы, советтик, россиялык маданият менен тамырлаш жана бир катар маданий өз ара байланышта болуп келген. Азыркы тапта болсо батыштын маданияты, анын ичинде америкалык маданият менен аралашуусу байкалууда.

Ошентип, кыргыз коомчулугу башкалардан өзгөчөлөнбөйт жана бардык эле коомдор сыяктуу көп түрдүү маданий, тарыхый тамырлары жана өз ара байланыштары бар.

Ошол эле мезгилде кыргызстан коомчулугу катары калыптануусу үчүн социалдык система өзүнө гана тиешелүү болгон ички «өзөктүү борборуна» ээ болуусу керек, башкача айтканда, анда өзүнүн жарандык маданияты болушу зарыл. Кыргызстан коомчулугунун жарандуулугунун баалуулуктарына болгон бирдиктүү көз караштар, азырынча жаңыдан гана телчигип келе жатат. Айрым көз караштарга ылайык, бул баалуулуктар кыргыздын этникалык маданиятына таянышы керек, ал эми башкалардын пикири боюнча, ислам

дөөлөттөрүнө багатталышы зарыл, ошондой эле эл аралык тажрыйбага басым жасоо менен республикада жашаган бардык социалдык-маданий топтордун баалуулук багыттарына умтулуу керек деген пикирлер да жок эмес.

> **Коомдор** – эрежелерди жана нормаларды жашоо-турмушка киргизип, аларды иш жүзүнө ашырган, жаңжалдарды жойгон жана алдын алып, жөнгө салган жалпы **бийлик системасына** ээ болуп саналат.
>
> Шилз Э. Коом жана коомдор: макросоциологиялык мамиле

Буга карабастан, кыргыз коомчулугунда жарандуулуктун ролу акырындык менен өсүүдө. 2005-жылдын 24-мартындагы жана 2010-жылдын 7-апрелиндеги коомдук-саясий окуялар саясий жактан мобилдүү жарандын калыптангандыгын айкын көрсөттү. Бирок, өлкөнүн коомдук саясий турмушунда жаңылануу өзгөрүүлөрүн камсыздоо үчүн жарандуулуктун коомдогу ролу анчейин бийик эмес десек болот.

Тилекке каршы, жарандын бирдиктүү маданиятын калыптандырууга коомду бөлүп-жарууга багытталган агымдар тоскоолдук кылууда. Ошондой агымдардын арасында: регионализм – (түндүк түштүк болуп бөлүнүү), трайбализм (уруу-урууларга бөлүнүү), этникалык улутчулдук (элдерди этникалык белгилерине карап бөлүү) бар. Коомдогу жарандуулук маданиятын өнүктүрүүгө терс таасирин тийгизип жаткан агымдарга, коомчулук тарабынан баа берилиши керек. Бул коомдун биримдигине жана анын мамлекеттүүлүктү курууда натыйжалуулугун арттырууга алып келет. Ошондуктан, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын урматтоонун жана жарандуулук маданиятын өнүктүрүүнүн негизинде, коомдун бириктирүүчү символдорун калыптандыруу жана илгерилетүү жаатында иш-аракеттерди жүргүзүү абдан маанилүү.

**Ой жүгүртүү үчүн суроолор:**

1. Сиз өзүңүз кирген коомго мүнөздөмө бериңиз, ал коомдун кандай баалуулуктары бар?
2. Сиз өзүңүздү Кыргыз Республикасынын жараны катары кабылдайсызбы?
3. Сиздин көз карашыңызда, Кыргыз Республикасынын жараны кандай негизги мүнөздөмөлөргө ээ болушу керек?
4. Сиздин оюңуз боюнча, Кыргызстанда коомдун кызыкчылыгы менен инсандын (жарандын) кызыкчылыгынын ортосунда айырмачылыктар барбы? Эмне үчүн?

**Сунуш кылынган адабияттар:**

1. Горборукова Г. Л. Уровни гражданской и этнической идентичности в современном Кыргызстане // Вестник АУЦА №1(9) – 2009. С. 51 – 58
2. Иманалиев К. К. Глобализация и национальная идентичность // Вестник КРСУ. Том 9. Вып. №1.
3. Настроения страны. Результаты социологических исследований МРИ 2001 – 2011 гг. // Официальный сайт МРИ, www.iri.kg/projects
4. Мадылбай Т. Кыргызстан в 2005 – 2010 годах // ИА Акипресс www.akipress.org/kghistory/news:10021

## Тема 4. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик курулушуна жана президенттик институтунун табигый өнүгүүсүнө конституциялык реформалар аркылуу кыскача баяндама

> «Саясий эркиндикти бекемдөө, мыйзамдуулукту камсыздоо жана кандайдыр бир социалдык топтор, мамлекеттик мекемелер же жеке адамдар тарабынан бийлик кыянаттык менен пайдаланылышына жол бербөө үчүн мамлекеттик бийликти эл шайлаган жана коомдун өнүгүү стратегиясын мыйзамдарды кабыл алуу аркылуу иштеп чыга турган мыйзам чыгаруу бийлигине; ошол мыйзамдарды ишке ашыруу жана күнүмдүк-чарбалык ишмердүүлүк менен алек боло турган шайлануучу же дайындалуучу кызмат адамдарынан турган аткаруу бийлигине; бузулган укуктардын калыбына келтирилишинин, күнөөлүүлөрдүн акыйкат жазаланышынын кепили болгон сот бийлигине бөлүү зарыл».
>
> Шарль Монтескье

1991-жылдын 31-августунда эгемендүүлүктүн жарыяланышы менен Кыргызстанда конституциялык курулушта, мамлекеттик башкарууда президенттик башкаруу институтунун киргизилишине артыкчылык берүүгө басым жасала баштады.

Жаңы жаралган эгемендүү өлкөдө мыйзамдуулукту күчөткөн Кыргыз Республикасынын алгачкы Конституциясы 1992 – 1993-жылдары түзүлгөн. Мамлекет башчысынын укук-милдеттерин аныктоодо легендарлуу парламенттин депутаттары (өлкөнүн биринчи парламенти 1993-жылы алтынга жана Швейцарияга алтындын ташылып кетишине байланыштуу чуулгандуу окуялардан кийин таркатылган). Баш мыйзамда бийликтин үч бутагын теңдештирүүчү механизмдерин бекитишкен. Бирок, аталган механизмдерди алмаштырууга

багытталган иш-аракеттер 1996, 1998, 2003, 2006 (ноябрь, декабрь) жылдардагы конституциялык реформалардын жүрүшүндө жасала баштаган. Бул мамлекеттик түзүлүштүн демократиялык принциптеринен кайтып, акырындык менен өлкөнүн үй-бүлөлүк, кландык башкарууга өтүшү үчүн шарт түзгөн.

2008-жылдын башында Кыргызстанда «суперпрезиденттик» башкаруу түзүлгөн. Себеби, президенттик «үй-бүлө» жана анын айлана-чөйрөсүндөгүлөр расмий мамлекеттик институттардын үстүнөн башкарууга өтүшкөн, өлкөнүн коомдук саясий турмушуна терс таасирин тийгизе баштаган көрүнүштөр: коррупция, непотизм, регионализм, уруу -урууга бөлүнүү, президенттик «үйбүлөнүн» саясий жана экономикалык монополияга айланышы, бийликтин криминалдашуусу, сөз эркиндигин басмырлоо, оппозицияны куугунтуктоо күч алган.

**Конституциялык укук боюнча эксперт М. Укушев белгилегендей, бийлик конституцияны одоно бузган механизмдер менен башкарыла баштаган жана төмөнкү үч көрүнүшкө негизделген:**

1. «Үй-бүлөнүн» саясий, экономикалык кызыкчылыктарын канааттандыруу максатында өлкөнүн бийлик органдары, соттор, укук коргоочу органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгү толук баш ийдирилген;
2. Коомдун криминалдашуусу күч алган, башкача айтканда, кылмыш дүйнөсүнүн өкүлдөрү мамлекеттик башкарууга таасир көрсөтө баштап, кылмыш жолу менен саясий, экономикалык чечимдерди кабыл алууга түздөн-түз катыша баштаган;

3. Эл менен бийликтин ортосундагы мамиле салкындап, бири-биринен алыстай баштаган, эл тарабынан бийлик органдарын түзүү жана көзөмөлдөө жокко чыгарылган.

2009-жылдын аягында атайын уюштурулган конституциялык реформанын максаты – президенттин үй-бүлөсүнө бийликти мурастоо мүмкүнчүлүгүн берген механизмдерди киргизүү болгон. Бийлик жарандарды бийлик органдарын түзүүгө катышууга жана аларды көзөмөлдөөгө болгон фундаменталдык укуктарынан ажыратууну көздөгөн. Бул фактылар 2010-жылдын 7-апрелдеги кандуу окуялардын чыгышына түрткү берди.

Президенттин бийликти толук басып алууга жасаган аракети бүтүндөй бийлик системасын кризиске алып келди. Өткөөл мезгилде өлкөнүн жоопкерчилигин өз колуна алган убактылуу өкмөт 2010-жылдын 27-июнунда референдум жарыялаган. Анда парламенттик башкаруу формасы киргизилген жаңы Конституциянын долбоору сунуш кылынды.

2010-жылдагы конституциялык реформанын максаты – президенттин ыйгарым укуктары бир топ кыскартылып, ортомчулук, башкача айтканда, «мамлекеттик нотариус» сындуу ролду аткарышына жетишүү болгон. Бирок, бул аракеттер саясий кризистен алып чыга турган жол эмес болчу, себеби, президенттин бийлигинин алсыздыгы тескери көрүнүштөргө алып келип, мыйзам чыгаруу же аткаруу бийлигин өтө эле күчтөндүрүп жибериши мүмкүн эле.

Конституциянын акыркы варианты боюнча, классикалык парламенттик республикаларга салыштырмалуу президенттик институтка бир топ мүмкүнчүлүктөр берилди.

2007-жылдын 21-октябрындагы Конституциянын редакциясына салыштырмалуу 2010-жылдын 27-июнунда референдум аркылуу кабыл алынган Кыргыз Республикасынын жаңы Конституциясында Президенттин укуктук макамы, функциялары жана ыйгарым укуктары кыйла өзгөрдү.

**Президенттин төмөнкүдөй негизги функциялары жокко чыгарылды:**

1. Президент Кыргыз Республикасынын эң жогорку кызмат ээси (2007-жылдын 21-октябрындагы Конституциянын 42-беренеси, 1-пункту);
2. Президент Конституциянын, адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин кепили (42-берене, 2-пункт);
3. Президент мамлекеттин ички, тышкы саясатынын негизги багыттарын аныктайт;
4. Президент Кыргыз Республикасынын суверендүүлүгүн жана аймактык бүтүндүгүн коргоо боюнча чараларды көрөт (42-берене, 3-пункт);
5. Президент мамлекеттик бийликтин биримдигин жана ырааттуу өткөрүлүп берилишин, мамлекеттик органдардын макулдашып иштөөсүн жана өз ара байланышын, алардын эл алдында жоопкерчиликтүү болушу камсыздайт (42-берене, 3-пункт);
6. Президент мыйзам жазуу боюнча демилге көтөрүп чыгууга укуктуу (64-берене).

Мурдагы бийлик ар кандай кошумча мыйзамдарды, нормативдик актыларды кабыл алуу менен өз ыйгарым укуктарын кеңейтип, конституциянын талаптарын бузган. Мындай тажрыйба кайра кайталанбас үчүн 2010-жылдагы Конституцияда Президенттин ыйгарым укуктары өтө чектелген.

Мисалга алсак, 2007-жылдын 21-октябрындагы Конституциянын редакциясында «Президент конституция жана мыйзамдарда көрсөтүлгөн ар кандай ыйгарым укуктарын ишке ашырат» деген норма киргизилген. Азыркы конституцияда болсо бул норма жаңы принципке алмашылган, ага ылайык, Президент конституцияда көрсөтүлгөн ыйгарым укуктарын гана ишке ашыра алат.

Ошону менен бирге эле жаңы Конституциядагы Президенттин ролун, ага берилген ыйгарым укуктар менен функцияларды баалабай коюуга да болбойт. Жаңы Конституцияга ылайык, Президенттин, мамлекеттин ички, тышкы саясатын жүргүзүүгө толук мүмкүнчүлүктөрү бар, бул Конституциянын нормаларында так көрсөтүлгөн.

**Жаңы Конституция Президентке төмөндөгүдөй милдеттерди аныктап берди, Президент:**

1. Мамлекет башчысы болуп саналат (60-берене, 1-пункт);
2. Элдик бийликтин үстөмдүгүн камсыздайт (3-берене, 1-пункт);
3. Элдин жана мамлекеттик бийликтин биримдигин көрсөтүп турат. (60-берене, 2-пункт);
4. Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн Башкы кол башчысы болуп саналат (64-берене, 8-пункт);
5. Өлкөнүн ичинде жана анын чегинен сырткары жерлерде Кыргыз Республикасынын атынан чыгат (64-берене, 1-пункт).

Кыргыз Республикасынын Президенти милдеттүү түрдө Жогорку Кеңештеги парламенттик көпчүлүктүн жана ошол көпчүлүк тарабынан түзүлгөн өкмөттүн чечимдерине карата принципиалдуу позицияны ээлөөсү керек. Мамлекет башчысы катары

Президент өз алдынчалыгын, көз карандысыздыгын сактай алат. Конституцияга ылайык, Президент Жогорку Кеңештеги парламенттик көпчүлүктүн, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ишмердигине кийлигише албайт. Бирок, талаш-тартышты жараткан кырдаалды (саясий кризис учурунда) жөнгө салууда Президент арбитр катары чыга алат.

**Ой жүгүртүү үчүн суроолор:**

1. Сиздин көз карашыңыз боюнча, бийлик бутактарынын биринин артыкча бийликке ээ болушу кандай кесепеттерге алып келиши мүмкүн?
2. Конституцияны реформалоодо эмнелерге өзгөчө көңүл буруу керек?
3. Кыргызстандагы президенттик институттун ишмердүүлүгү тууралуу кандай жыйынтыктарды айтса болот?

**Сунушталган адабияттар:**


1. Конституция Кыргызской Республики, принятая на всенародном референдуме 27 июня 2010 г.
2. Искакова Г. Выборы и демократия в Кыргызстане: конституционный дизайн президентско-парламентских отношений. Бишкек, 2003 г.

## Тема 5. Демократия: аныктамалар, шарттар жана азыркы окумуштуулардын көз караштары

> «**Демократия** – бул бийлик менен жарандын ортосундагы мамилелердин системасы. Жарандын толук кандуу укукка ээ болуусу – демократиянын негизги элементи».
>
> К. Шмитт

Адамзаттын тарыхында жарандардын жашына, жынысына, коомдогу ээлеген ордуна, расасына, билимдүүлүгүнө, ээлеген менчигине, салыктарды төлөөдө ж. б. у. с. боюнча укуктарынын чектелген учурлары көп кездешкен. Өлкөнүн калкына ар кыл укуктар, анын ичинде шайлоого жана шайланууга болгон укуктардын берилиши азыркы демократиянын стратегиясы болуп саналат. Белгилүү окумуштуу, демократиянын теоретиги К. Шмиттин аныктамасы боюнча, **азыркы саясий демократия – бул башкаруу системасы болуп саналат, себеби, бийлик коомдогу кыймыл-аракеттер үчүн жарандардын алдында жооп берет, ал эми жарандар атаандаштык шартында шайланган өкүлдөрү аркылуу өз кызыкчылыктарын иш жүзүнө ашырышат.**

Демократия – азыркы саясаттагы эң негизги түшүнүк болуп саналат. Анткен менен демократия айрым институттардын (шайлоолор, саясий партиялар, көз карандысыз ЖМК ж. б.) жыйындысы катары гана кабылданбаш керектигин белгилеп коюу кажет. К. Шмитт белгилегендей, конкреттүү өлкөдөгү демократиянын конкреттүү формасы ошол мамлекеттин социалдык экономикалык шарттарынан, мамлекеттик салттык түзүлүшүнөн көз каранды жана, саясий тажрыйба көрсөткөндөй, бир мамлекет экинчи мамлекетке караганда демократиялуу дегенди билдирбейт, болгону алар ар түрдүү деңгээлде демократиялашкандыгын көрсөтүп турат.

Азыркы демократия – бийликтик чечим кабыл алуу борборлорунун жана өкүлчүлүктөрүнүн көп түрдүү каналдары бар институттардын эң бир татаал, чырмалышкан түйүнү болуп саналат. Анын негизин түзгөн жарандуулук (citizenship) мезгил-мезгили менен шайлоолордо добуш берүү менен гана чектелбейт. Жарандуулук талапкерлерди тандоого таасир этүүдө, ар кандай кыймылдарга, ассоциацияларга катышууда, бийликтегилерге кайрылууда, ошондой эле «көнүмүш эмес» (unconventional) каршылык көрсөтүү акцияларына катышууда ж. б. да билинет.

Ф. Шмиттер «Жарандык коом жана демократиянын биримдиги жөнүндө ой жүгүртүү»//Электрондук китепкана Гумер www.gumer.info/bibliotek_Buks/Polit/Hrestom/31.php

**Тигил же бул саясий моделде демократиялуу деп аталыш үчүн бир катар минималдуу талаптар бар. Роберт Даль азыркы саясий демократияда жашоо үчүн төмөнкү шарттардын зарыл экендигин белгилеген (Р. Даль аларды «полиархиялар» деп атаган):**

- өкмөттүн чечимдерин көзөмөлдөө конституция боюнча расмий шайланган адамдарга жүктөлөт. Алар мөөнөтү менен өткөрүлгөн таза шайлоолордо кайра шайланышат;
- өлкөнүн бардык жашы жеткен жарандары, расмий адамдарды шайлоого катыша алат жана шайлануучу кызматтарга шайланууга укугу бар;
- ар бир жаран саясий куугунтуктарсыз өз оюн билдирүүгө укуктуу;
- жарандар ар кандай альтернативдүү булактардан маалымат алууга укуктуу. Альтернативдүү булактардан алынган маалыматтар мыйзам аркылуу корголот;

- Жарандар көз карандысыз ассоциацияларды, уюмдарды түзүүгө жана кызыкчылыктары боюнча саясий партияларды тартууга укуктуу.

**К. Шмитт ошондой эле азыркы бийликтин абалына байланыштуу маанилүү эки шартты кошумчалайт:**

- эл тарабынан шайланган расмий адамдар, конституциялык милдеттерин аткарууда, шайланбаган расмий адамдар тарабынан каршылыктарга дуушар болбоосу зарыл. Эгерде аскерлер же мамлекеттик мекемелердин, ишканалардын кызматкерлери шайланган жетекчилерди көзгө илбей ар кандай иш-аракеттерди жасап, а түгүл эл шайлагандардын чечимдерине вето койгонго чейин барышса, демократияга коркунуч туулат;
- мамлекет жогорку деңгээлдеги саясий системаларга көз каранды болбостон, өз алдынча иш алпарып, эгемендүү болушу керек. Бул маселе өтө маанилүү, демократиялуу конституциясы бар мамлекет тарабынан сырттан таасир этүүгө аракеттер жасалса, ички бийлик кандайдыр бир деңгээлде каршылык көрсөтө алууга жөндөмдүү болушу зарыл.

Башка системалар сыяктуу эле, демократия да бийликтеги адамдардан көз каранды, себеби, мыйзам боюнча, өлкөнү башкаруудагы жана бөлүштүрүүдөгү көптөгөн милдеттерди аткарууда алардын ролу чоң. Демократиялуу эмес система бийликке келүүнүн легитимдүү жолун жана башкаруучулардын чечим кабыл алуудагы жоопкерчилигин аныктоочу нормалар аркылуу демократиялуу системадан айырмаланат.

Ошол эле мезгилде демократиялык система үчүн маанилүү болгон шайлоолордун өз убагында өткөрүлүп туруусуна карабастан, жарандар болгону кайсы бир партиянын стратегиясына гана артыкчылык бере алышат. Ал эми шай-

лоолор аралыгындагы мезгилде жарандар мамлекеттин саясатына башка институттардын ортомчулугу аркылуу таасир эте алышат: мисалы, кызыкчылыктары бар уюмдар, коомдук кыймылдар, кесиптик союздар ж. б. ушул формалардын баары демократиялык тажрыйбанын негизги бөлүктөрү болуп саналат.

> «Демократиялык эркиндиктер жарандардын жамааттык аң-сезиминин өнүгүүсүнө, алардын бийликтегилерге кылчактабай эле өз жалпы муктаждыктарын түшүнүп, чечим кабыл алуусуна көмөк көрсөтүшү керек».
>
> К. Шмитт

**Ой жүгүртүү үчүн суроолор:**

1. Демократия менен жарандуулуктун байланышын эмнеден көрөсүз?
2. Демократияны куруу жолунда негизги кыйынчылыктар кайсылар?
3. Сиздин оюңузча, демократияны кайсы каражаттар аркылуу өнүктүрсө болот?
4. Демократия коомдун өнүгүшүн камсыз кылуучу милдеттүү шарт болуп саналабы?
5. Кайсы кыймыл аракеттер демократиянын күчөшүнө же начарлашына алып келет?

**Сунушталуучу адабияттар:**


1. Арон Р. Демократия и тоталитаризм // Электронная библиотека Гумер www.gumer.info/bibliotek_Buks/Polit/Aron/09.php
2. Карл Т., Шмиттер Ф. Что есть демократия? // Электронная библиотека Гумер www.gumer.info/bibliotek_Buks/Polit/Article/karl_dem.php

3. Хантингтон С. Третья волна. Демократизация в конце XX века. – М., 2003.
4. Шумпетер Й. Капитализм, социализм и демократия. – М., 1995.
5. Даль Р. Введение в теорию демократии. - М., 1992.
6. О'Доннелл Г. Делегативная демократия // Электронная библиотека Гумер www.gumer.info/bibliotek_Buks/Polit/Article/donn_del.php

## Тема 6. Мамлекет коомдун саясий системасынын негизги элементи катары. Мамлекетке берилүүчү түрдүү аныктамалар

**Мамлекет** – бул коомдо укуктун орун алышы.

Брок Гауз-Ефран

**Мамлекет** – башкаруучу таптын колундагы күч колдонуу аппараты.

В. И. Ленин

**Мамлекет** – зомбулук көрсөтүүнү иш жүзүнө ашыруунун монополиясы.

М. Вебер

**Мамлекет** – бири-биринен көз карандысыз, өз алдынча индивиддердин ортосундагы коомдук келишимдин жыйынтыгы.

Жан-Жак Руссо

**Мамлекет –** бул чектелген аймакта аракет кылуучу коомду уюштуруунун өзгөчө формасы. Мамлекет ички бийликти жүргүзүүдө белгилүү бир каражаттарды жана ыкмаларды колдонот, коомдун мүчөлөрүнүн ортосунда белгилүү бир тартиптерди жана мамилелерди орнотот, өзүнүн аймагында жашаган калкты өз ишмердигине тартат.

Мамлекеттин көптөгөн аныктамалары бар, ошол эле учурда тарыхтын мезгилине карап бул аныктамалар бир топ өзгөртүүлөргө дуушар болгон (мисалы, байыркы философтордун мамлекетке болгон көз караштары, аныктамалары ошол кездеги гана саясий реалдуулукка колдонгон болсо, азыркы мамлекеттин аныктамаларында байыркылардын аныктамалары өтө эле аз колдонулат). Белгилүү немец окумуштуусу М. Вебер азыркы мамлекеттин бүгүнкү күндө өтө кеңири тараган аныктамасын сунуш кылган жана зомбулук

монополиясын иш жүзүнө ашыруу мамлекеттин негизги милдети деп белгилеген (англисче monopoly on violence, немисче – Gewaltmono cles Staates).

М. Вебердин «Политика как призвание и профессия» аттуу китебине ылайык, бул концепцияда ал төмөндөгүлөргө көңүл бурган. «Социологиялык терминдер аркылуу мамлекеттин максатын жана болочок иш-аракеттерин аныктоо мүмкүн эмес» – дейт ал. Кандайдыр бир милдет, максат мамлекет үчүн мүнөздүү экендигин тарыхый жактан да алып көрсөтүүгө болбойт. Ошондуктан, М. Вебердин ою боюнча, мамлекеттин так белгилерин, анын колдонуп жаткан каржаттарынан гана издөө керек. Тактап айтканда, мамлекет легитимдүү түрдө колдонуп жаткан каражат – бул зомбулук болуп саналат (жазалоочу полициянын аппаратынын болушу, армия, коопсуздукту коргоо кызматы ж. б.).

М. Вебердин айтуусу боюнча, зомбулук монополиясы өзгөчөлөнгөн мүнөздөгү милдет болуп саналат, себеби, бул милдетти башка коомдук институттар, уюмдар аткара алышпайт. Ошондуктан, зомбулук монополиясы мамлекетти аныктоодогу өзгөчө критерий болуу менен уюм жана өзгөчө институт катары кабыл алынат.

**Азыркы мамлекет** – бул бийликтегилердин мекеме сыяктуу уюштурулган, белгилүү бир жаатта башкаруунун каражаты катары легитимдүү күч колдонууну монополиялаштырууда ийгиликке жетишкен жана бул максатта ишкананын каражаттарын жетекчилеринин колуна топтоп, ал эми мурун өз каалаганындай пайдаланган функционерлерди алардын ыйгарым укуктары менен бирдикте тартып алып, өзү алардын эң бийик позицияларын ээлеп алган союзу.

М. Вебер

## Мамлекеттин аныктамаларынын көп түрдүүлүгү боюнча мисалдар

| | | |
|---|---|---|
| Мамлекет – бул үстөмдүк кылуучу таптын же жалпы элдин кызыкчылыгын эркин чагылдырган жана атайын баш ийдирүүчү аппаратка ээ коомдун саясий бийлигинин өзгөчө уюму.<br><br>Мамлекеттин жана укуктун жалпы теориясы. Окуу китеби. В. В. Лазаревдин редакциясы алдында. Москва, 1994-ж. 23-б.<br><br>Мамлекет – бул өзгөчө жетишээрлик туруктуу саясий бирдик, ал элден бөлүнгөн бийлик жана администрациялоо уюму жана белгилүү бир аймактын, анда жашаган элдин макулдугусуз эле аларды башкаруу бийлигине (ар кандай аракеттерди аткарууну талап кылууга) укуктуу болууга умтулат, өз мүмкүнчүлүктөрүн иш жүзүнө ашырууга күчү жана каражаты бар.<br><br>Л. Е. Гринин 1997, Формациялар жана цивилизациялар: тарых социологиясынын социалдык | Экономикалык жана социалдык түзүмдөрүн корогон саясий уюмдун башкаруусу алдында болгон өлкө.<br><br>Ожегов С. И. Шведова Н. Ю. «Орус тилинин түшүндүрмө сөздүгү» 80,000 сөз жана фразеологиялык сөз айкаштары. Россия илимдер академиясы. В. В. Виноградов атындагы орус тили институту, 4-кошумча басылышы – М: Азбуковник 1999 – 944-б.<br><br>Мамлекет – бул социалдык мамилелерди жөнгө салуу үчүн көз карандысыз борборлоштурулган социалдык саясий уюм. Ал катмарларга бөлүнгөн, белгилүү бир аймакта жайгашкан, эки негизги катмардан – башкаруучулардан жана баш ийүүчүлөрдөн турган татаал коомдо жашайт. Бул катмарлардын өз ара мамилелери башкаруучулардын саясий бийлиги | «Мамлекет – бул тартипти сактоо үчүн адистештирилген жана топтоштурулган күч болуп саналат. Мамлекет – бул институт же бир катар институттар, алардын негизги максаты (башка милдеттерге карабастан) – тартипти сактоо. Атайын адистештирилген органдар, мисалы, полиция менен сот, коомдук турмуштун башка жааттарынан бөлүнүп турган жерде мамлекет бар. Мына ушуну мамлекет дейбиз».<br><br>Геллнер Э. Улуттар жана улутчулдук/ англ.которулган. -М. Прогресс/1991. 28-б.<br><br>Мамлекет – бул бир таптын экинчи тапты эзүүчү машинасы. Ал аркылуу башка таптардын баш ийүүсү да камсыз кылынат.<br><br>В. И. Ленин Ч.Т.Ж. 5-басылышы, Т-39 М: Политиздат, 75-б. |

| | | |
|---|---|---|
| саясий, этникалык жана руханий аспектилери (Философия жана коом. №5 20-б.) | жана баш ийүүчүлөрдүн салыктын милдеттенмелери менен мүнөздөлөт. Бул мамилелер коомдун жок дегенде бир бөлүгү колдогон идеологиясы аркылуу мыйзамдаштырылган, анын негизин реципрокность принциби түзөт.<br><br>Claessen H.J. M.1996<br><br>State // Encyclopedia of Cultural<br><br>Anthropology voi.iv-New York P-1255 | |

Жогоруда белгилүү болгондой, мамлекеттин аныктамасынын көп түрдүүлүгү негизинен авторлордун теоретикалык – идеологиялык позициясынан келип чыгат. Аныктамалардын көп түрдүүлүгү менен кошо мамлекетти чагылдырган бир топ белгилери да бар.

**Мамлекеттин белгилери:**

- эл алдындагы бийлик;
- уюштуруучулук документтердин болуусу (аларда мамлекеттин жаралуусунун максаты жана милдеттери көрсөтүлгөн, мисалы, Конституция);
- башкарууга жана пландаштырууга жооп берүүчү органдардын системасы;
- укук системасы – мамилелерди жөнгө салуучу нормативдик система;

- мамлекеттик (саясий жана тышкы саясий) жана чарбалык ишмердүүлүк (экономика);
- жеке акча системасы;
- салык төлөмдөрү;
- мамлекеттик казына;
- аймагы жана калкы;
- коопсуздукту камсыз кылуучу уюмдардын: коомдук тартипти сактоочулардын, куралдуу күчтөрдүн болушу;
- эгемендүүлүк (мамлекеттин эл аралык укуктук талаадагы өз алдынчалыгы, юридикалык тарап катары башка өлкөлөр аркылуу таанылышы);
- мамлекеттик символдор.

Мамлекеттин бул белгилери кошумча-алымчалары менен толукталышы да мүмкүн. Ошол эле мезгилде жогорудагы белгилери болгонуна карабастан, башка өлкөлөр тарабынан таанылбаган бир катар мамлекеттер да бар.

Мамлекеттин аныктамасынын, белгилеринин көп түрдүүлүгү, мамлекеттик системанын кайталангыс жана коомдук уюмдардын түзүлүшүнүн өзүнө гана тиешелүү мүнөздөрү бар экендигин күбөлөндүрөт. Буга бир топ фактылар таасир этет: тарыхы жана социалдык – маданий өзгөчөлүгү, мамлекеттин түзүлүшү жана жарандуулук салттары, коңшу мамлекеттердин/коомдордун таасири ж. б. Азыркы эл аралык мамилелерде мамлекеттин субъект катары таанылышы, ошол мамлекеттин кадыр-барктуу эл аралык уюмдарга мүчө болуп кирүүсүнө жол ачат.

**Ой жүгүртүү үчүн суроолор:**

1. Мамлекеттин аныктамасынын көп түрдүүлүгүнүн принципиалдуу айырмачылыктары эмнеде?
2. Сиздин көз карашыңыз боюнча, мамлекет жөнүндө терминдердин көптүгү эмнеге байланыштуу? Кайсы аныктаманы тагыраак деп ойлойсуз, эмне үчүн?
3. Кайсы таанылбаган мамлекеттерди билесиз жана алар жогорудагы мамлекеттин белгилерине канчалык деңгээлде жооп берет?
4. Сиздин көз карашыңыз боюнча, мамлекеттин кайсы белгилерин толуктаса болот?

**Сунушталуучу адабияттар:**


1. Вебер М. Политика как призвание и профессия // Вебер М. Избранные произведения. М., 1990.
2. Ильин И. Об органическом понимании государства и демократии // Электронная библиотека Гумер www.gumer.info/bogoslov_Buks/Philos/Ilin/Org_Ponim.php
3. Лелюхин Д., Любимов Ю. Государство в истории общества (к проблеме критериев государственности). Изд. Институт востоковедения РАН, М. 2001.
4. Маритен Ж. Человек и государство // Электронная библиотека Гумер www.gumer. info/bogoslov_Buks/ Philos/ Mariten /_01.php
5. Хропанюк В.Н. Теория государства и права. М. 2001.

## Тема 7. Мамлекеттин типологиясы: башкаруу формасы

Мамлекеттин типологиясы, мамлекетте башкаруунун формасы менен тыгыз байланышкан. Ар бир мамлекеттин өзгөчөлүгү анын бийликти жүргүзүүнүн ыкмалары жана түзүлүштү уюштуруу иштерине жараша болот. Мамлекеттин формасы өзүнө бири-бири менен байланышкан эки элементти камтыйт: **башкаруу формасы** жана мамлекеттин **түзүлүш формасы**. Башкаруу формасына мамлекеттин бийликтин жогорку органдарынын түзүмү, аларды түзүү жана укук милдеттерин бөлүштүрүү тартиби кирет.

**Төмөнкү суроолорго жооп берүү менен мамлекетти башкаруунун формасын аныктоого болот:**

- мамлекеттик жогорку органдар кандайча түзүлөт?
- мамлекеттин жогорку органдары менен башка органдарынын мамилеси кайсы принципте түзүлгөн?
- жогорку мамлекеттик бийлик менен өлкөнүн калкынын өз ара мамилеси кандайча түзүлгөн?
- мамлекеттин жогорку органдары кандай деңгээлде жарандардын эркиндигин, укуктарын камсыз кыла алат?

Ушул суроолорго жооп берүү менен мамлекеттин формасынын белгилерин аныктоого болот. Башкаруу формасы монархиялык (жеке бийлик, мураска берилүүчү бийлик) жана республикалык (коллегиалдуу, шайлоо аркылуу) болуп бөлүнөт.

Мамлекет институтунун жаралуусу менен дүйнөлүк тажрыйбада монархиялык башкаруу формасы үстөмдүк кылып келген. **Монархиялык башкарууда** жогорку бийлик жеке

бийликке таандык болуп, мурас катары өткөрүлүп берилет. Монархиялык башкаруунун эки үлгүсү бар: **абсолюттук** (монархтын бийлиги чексиз) жана **конституциялык** (монархтын бийлиги конституция жана парламент аркылуу чектелген, монарх конституцияны өзгөртүүгө укугу жок). Азыркы мезгилде, дүйнөдө негизинен конституциялык үлгүдөгү монархиялар сакталып калган (Улуу Британия, Норвегия, Дания, Испания, Япония ж.б.). Монархияны акырындык менен **республикалык** башкаруу формасы сүрүп чыгарууда, көптөгөн мамлекеттер башкаруунун ушул формасына ылайык түзүлгөн.

**Республика** – башкаруунун формасы (латынча respublica – коомдук, жалпы иш). Башкаруунун бул формасында жогорку бийлик шайлануу жолу менен иш жүзүнө ашырылат жана белгилүү мөөнөткө эл тарабынан шайланат. Республикалык башкаруу формасынын жалпы белгилери болуп төмөнкүлөр саналат:

- мамлекет башында жеке адамдын жана коллегиалдуу мамлекет башчысынын болушу;
- мамлекет башчысын жана жогорку бийликтин башка органдарын белгилүү мөөнөткө шайлоо;
- мамлекеттик бийликти өз укугуна ылайык эмес, элдин тапшырмасы менен башкаруу;
- мамлекет башчысынын мыйзамдарда көрсөтүлгөндөй юридикалык жоопкерчилигинин болушу;
- жогорку мамлекеттик бийликтин чечимдери башка бийлик органдары тарабынан милдеттүү түрдө аткарылышы;
- мамлекеттин жарандарынын кызыкчылыктарын коргоого артыкчылыктардын берилиши, инсан менен мамлекеттин өз ара жоопкерчилиги.

Республикалык башкаруу формасы биринчилерден болуп Афина мамлекетинде толук калыптанган. Коом өзгөргөн сайын ал дагы бир топ өзгөрүүлөргө дуушар болуп, айрыкча демократиялык мазмундагы өзгөрүүлөр менен толукталып турган. Жогоруда аталган принциптерге карабастан, ар бир мамлекеттин республикалык башкаруу формасында, өзүнө тиешелүү өзгөчөлүктөрү бар. Ал өлкөнүн экономикасынан, коомдук социалдык түзүлүшүнөн, мамлекетти куруудагы салттарынан ж. б. факторлордон көз каранды. Азыркы республикалар **парламенттик** жана **президенттик** болуп бөлүнүшөт.

**Парламенттик республика** – мамлекетти башкаруу формасынын бир түрү жана мамлекеттин иштерин уюштурууда жогорку ролду аткарат. Өкмөт парламенттик жол менен түзүлөт. Кайсы партиянын добушу көп болсо, ошол партиянын депутаттары жогорку кызмат орундарына шайланат. Өкмөт өзүнүн ишмердиги боюнча парламент алдында жоопкерчиликтүү болот. Парламенттеги көпчүлүк колдоп турганда, өкмөт бийликте турат. Өкмөт парламенттеги депутаттардын көпчүлүгүнүн ишенимин актабаса, отставкага кетет же, президент аркылуу парламентти таркатууга аракет жасайт жана жаңы парламенттик шайлоолорду өткөрүүнү пландайт.

Эреже катары, мамлекет башчысы да парламент тарабынан же атайын түзүлгөн парламенттик коллегия аркылуу шайланат. Мамлекет башчысынын парламент тарабынан шайланышы менен аткаруу бийлигинин үстүнөн парламенттик көзөмөлдөө орнотулат. Ар кайсы парламенттик республикаларда мамлекет башчысын шайлоо процедурасы ар башкача. Мисалы, Италияда эки палатанын депутаттары жалпы отурумунда республиканын президентин шайлайт, ошондой эле облустук кеңештерден шайланып келген үчтөн өкүлдөр да катышат. Федеративдик мамлекеттерде мамлекет баш-

чысын шайлоодо парламент федерация мүчөлөрүнүн өкүлдөрүнө бөлүнөт. Германия Федеративдүү республикасында президент федералдык жыйын тарабынан шайланат, алар Бундестагдын мүчөлөрүнөн жана Ландтагдын өкүлдөрүнөн турат. Парламенттик республикаларда президентти бир эле парламент эмес, жалпы элдик шайлоо менен да шайлашат. Мисалы, Австрияда да президент эл тарабынан 6 жылга шайланат.

Өкмөт башчысы (премьер-министр, министрлер кеңешинин төрагасы) президент тарабынан дайындалат. Эреже катары, премьер-министрликке көпчүлүк добушка ээ болгон парламенттик коалициянын лидери көрсөтүлөт. Премьер-министр өкмөттүн курамын түзүп, жогорку аткаруу бийлигин жүргүзөт жана парламент алдында ишмердиги боюнча отчёт берет. Парламенттик республиканын чоң өзгөчөлүгү – кандай гана өкмөт болбосун, ал өкмөт парламенттин ишенимине киргенде гана толук кандуу иштей алат.

**Парламенттин негизги милдети** – мыйзам чыгаруу жана аткаруу бийлигин, өлкөнүн бюджетин жана анын аткарышын көзөмөлдөө, кандайдыр бир маселелер боюнча түшүндүрмөлөрдү берүүнү талап кылуу, парламенттик териштирүү, тактоолорду жүргүзүү. Парламент өлкөнүн жылдык бюджетин талкуулап, кабыл алып берет, өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн келечек пландарын аныктайт, тышкы жана коргонуу саясатындагы орчундуу маселелерди чечет.

**Республикалык башкаруунун парламенттик формасы** – өлкөдөгү демократиялык коомдун түзүлүшүнө, анын өнүгүшүнө, адам эркиндигин, адилеттик жана коомдогу мыйзамдардын, адам укуктарынын сакталышын камсыз кылат.

**Президенттик республика** – өлкөнү башкаруу формасынын бир үлгүсү болуу парламентаризм менен катар эле президенттин бир эле мезгилде мамлекет башчысы да, өкмөт башчысы да боло алышына жол берет. Президенттик республикада мамлекет башчысы жетишээрлик кеңири ыйгарым укуктарга ээ. Ал мыйзамдарды жарыялайт, декреттерди чыгарат, парламентти таркатууга укуктуу болот, өкмөт башчысын дайындайт, куралдуу күчтөрдүн башкы кол башчысы болуп саналат.

**Президенттик республикага мүнөздүү болгон белгилерди тизмектесек:**

- президентти шайлоодо, өкмөт түзүлгөндө парламенттик ыкмалар колдонулбайт;
- өкмөт парламент алдында эмес, президент алдында жооптуу;
- парламенттик республикага салыштырмалуу президентке берилген ыйгарым укуктар өтө кеңири болот.

Президенттик республиканын классикалык үлгүсү – Америка Кошмо Штаттары. Америка Кошмо Штаттарынын конституциясы боюнча бийлик бутактары так аныкталган жана бийлик үч бутакка бөлүнгөн. Мыйзам чыгаруу бийлиги – парламентке, аткаруу бийлиги – президентке, сот бийлиги – Жогорку сотко таандык. Америка Кошмо Штаттарынын президенти эки деңгээлдүү шайлоолор аркылуу эл тарабынан 4 жылга шайланат. Шайлоодо жеңип чыккан президент өзүнүн партиялаштарынан өкмөттүн курамын түзөт.

Башка мисалга кайрылсак, Францияда президент жалпы элдик добуш берүү менен шайланат жана ким эң көп добушка ээ болсо, ошол талапкер президент болуп шайланат.

Президенттик республикалар ар кандай болгондугуна карабастан, аларга жалпы мүнөздүү болгон нерсе – президент мамлекет башчысы жана өкмөт башчысы да болуп саналат (АКШда), же болбосо, түздөн-түз өкмөт башчысын дайындайт жана министрлер кабинетин же кеңешин түзүүгө катышат (Франция, Индия). Президентке мындан башка да бир топ ыйгарым укуктар берилген. Эреже катары, ал парламентти таркатууга укуктуу, өзгөчө кырдаалды жарыя кылат, мыйзамдарга кол коюп бекитет, кээде өкмөткө жетекчилик кылат, жогорку соттордун мүчөлөрүн дайындайт, мунапыс жарыялайт, кечирим берүүгө укуктуу болот.

Президенттик республика күчтүү аткаруу бийлиги менен айырмаланат. Себеби, натыйжалуу иштеп жаткан механизмдер өлкөнүн ичиндеги ар кандай мыйзам бузууларга жол бербейт, бардык бийлик бутактарынын макулдашкандык менен бийликти жүргүзүшүнө мүмкүнчүлүк түзүп берет.

Бирок, мамлекеттин натыйжалуулугу анын экономикалык өнүгүү факторлорунан, саясий элитанын жөндөмдүүлүгүнөн, өлкөнү башкаруунун конкреттүү формасынан жана аны иш жүзүнө ашыруу ыкмаларынан да көз каранды. Ошол эле мезгилде кээ бир өлкөлөр башкаруунун парламенттик да, президенттик да формасын кабыл алышкан, алар мамлекетти башкаруунун **аралашма формасы** катары аныкталат.

Кыргызстан өзүнүн тарыхында мамлекеттик курулуштун ар кандай башкаруу формаларын кабыл алды. Ар бир башкаруу формасы ошол мезгилдеги конкреттүү коомдук саясий кырдаалды чагылдырып турган. Төмөндө Сизге бул тажрыйбаны талдоого жардам бере турган суроолор берилген.

**Ой жүгүртүү үчүн суроолор:**

1. Сиздин көз карашыңыз боюнча, кайсы башкаруу формасы натыйжалуу, эмне үчүн?
2. Башкаруу формасын өзгөртүүгө эмне таасир эте алат?
3. Парламенттик жана президенттик башкаруунун айырмачылыктары эмнеде?
4. Кыргызстанда башкаруунун кайсы формасы кабыл алынган?
5. Кыргызстанда башкаруу формалары качан өзгөртүлгөн? Ошол процесстин күчтүү жана алсыз жактары жөнүндө ой жүгүрткүлө.

**Сунушталуучу адабияттар:**


1. Гаджиев К. С. Политология. Учебник для вузов. - М.: Издательская корпорация «Логос», 2003.
2. Мельвиль А. Ю. и др. Политология. Учебник. – М.: МГИМО(У) МИД России, ТК Велби, Изд-во Проспект, 2004.
3. Политология. Курс лекций. Под ред. М. Н. Марченко. Изд. 3-е, переработанное и дополненное. – М.: Зерцало, 2000.
4. Пугачев В. П., Соловьев А. И. Введение в политологию: Учебник для студентов высших учебных заведений. – М.: Аспект Пресс, 1997.

## Тема 8. Мамлекеттердин типологиясы: Мамлекеттин түзүлүш формасы

**Мамлекеттик түзүлүш** формасы – бул мамлекеттин административдик аймактык түзүлүшү. Ал борбордук жана жергиликтүү органдардын, мамлекеттик бийликтин өз ара мамилелеринин мүнөзүн аныктайт. Мамлекетти башкаруу формасынан айырмаланып, түзүлүш формасы мамлекеттик бийликти, мамлекеттик эгемендүүлүктү борбордо жана жер -жерлерде бөлүштүрөт.

**Мамлекеттик түзүлүш формасы төмөнкүлөрдү көрсөтөт:**

- мамлекеттин ички түзүмү кайсы бөлүктөрдөн турганын;
- бул бөлүктөрдүн укуктук абалы жана алардын органдарынын өз ара мамилелери кандай экендигин;
- борбордук жана жергиликтүү мамлекеттик органдардын өз ара мамилелери кандайча түзүлө тургандыгын;
- ошол өлкөнүн аймагында жашаган ар кандай этникалык топтордун кызыкчылыктары кандай мамлекеттик формада чагылдырыла тургандыгын.

Мамлекеттик түзүлүш формасы боюнча бардык мамлекеттерди үч топко бөлсө болот: **унитардык, федеративдик** жана **конфедеративдик.**

**Унитардык мамлекет** – бул бирдиктүү бүтүн малекеттик түзүлүш. Ал борбордук бийлик органдарына баш ийген жана мамлекеттик суверенитеттин белгилерине ээ эмес административдик-аймактык бирдиктерден турат. Унитардык мамлекет төмөнкү белгилер менен мүнөздөлөт:

- мамлекет аймагында жалпыга тиешелүү, аткаруу, өкүлчүлүк сот органдары иш алпарат жана жергиликтүү органдар аркылуу мамлекеттик бийликти жүргүзүшөт. Мисалы, Францияда жогорку мыйзам чыгаруу бийлиги улуттук жыйындан жана сенаттан турган эки палаталуу парламентке таандык, аткаруу бийлиги Франциянын президентине таандык, жогорку сот бийлигин Кассациондук сот жүргүзөт;
- унитардык мамлекетте бир эле конституциясы, бирдиктүү мыйзам чыгаруу системасы, бир эле жарандуулук болот. Бирдиктүү акча системасы иштетилет жана жалпыга милдеттүү салык жана кредит саясаты жүргүзүлөт;
- унитардык мамлекеттин курамындагы бөлүктөрүндө тышкы саясатты жүргүзүүчү органдары жана башка мамлекеттик атрибуттары болбойт. Ошол эле мезгилде жергиликтүү органдарга белгилүү бир деңгээлде өз алдынчалык берилет. Алардын борборлоштурулган органдарга көз карандылыгы, унитардык мамлекеттин борборлошкон же борборлошкон эместигине жараша болот. Эгерде жергиликтүү органдардын башында дайындалган чиновниктер турса, анда аны борборлошкон мамлекеттик бийлик катары кароо керек. Мисалы, Финляндияда жергиликтүү өз алдынча башкаруу губернатор тарабынан жүргүзүлүп, аны президент дайындайт. Ал эми борборлошпогон унитардык мамлекеттерде, жергиликтүү жетекчилер эл тарабынан шайланып, жергиликтүү деңгээлдеги мамилелерди өздөрү чечишет. Ошондой эле жергиликтүү мамлекеттик түзүлүштөрдө аралашкан система да кездешет. Японияда жергиликтүү өз алдынча башкаруу борбордук органдардан көз каранды эмес. Префектуралардагы бийликти шайлаган префектуралык чогулуш иш жүзүнө ашырат. Мындай чогулуштар

шаарларда, кыштактарда, айылдарда бар. Өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилери да шайланат: префектурада – губернатор, шаарларда – мэрлер, кыштак- айылдарда – старосталар шайланат;

- жергиликтүү мамлекеттик түзүлүштүн мисалы катары Түркия Республикасын келтирсе болот. Мында жергиликтүү өз алдынча башкаруу негизги административдик-аймактык бирдиктерде (илдерде) жетекчилер (вали) борбордон дайындалат. Ошондой эле шайлануучу Башкы кеңештер жана алардын аткаруучу органдары – энджомендер да бар. Шаарларда, калк жайгашкан жерлерде муниципалдык кеңеш жана староста шайланып, бир эле мезгилде ал илдин өкүлү деп да саналат;
- унитардык мамлекеттин аймагында аз сандагы этностор жашашса, аларга улуттук жана мыйзам чыгаруучулук автономия берилиши мүмкүн. Мисалы, Монголияда Баян – Улэгэй аймагында жашаган казактарга автономия берилген. Өз алдынча автономиялык түзүлүш Азербайжанда, Тажикстанда, Грузияда ж. б. унитардык өлкөлөрдө бар;
- унитардык мамлекетте бардык тышкы саясаты мамлекеттер ортосундагы мамилелерди жөнгө салуу борбордук органдар тарабынан гана аткарылат;
- унитардык мамлекетте бирдиктүү Куралдуу Күчтөрү бар, аны башкаруу, жетектөө борбордук бийлик органдары тарабынан камсыз кылынат.

**Федерация -** өз эрки менен бир союздук мамлекетке биригишкен бир нече өз алдынча мамлекеттик түзүлүштөр. Федерациянын аймагы өзүнчө түзүлгөн субъектилердин аймактарынан турат. Атай кетсек, штаттар, контон жер, республика ж. б. у. с. Мисалы,

Германия, АКШ, Россия, Индия, Мексика, Нигерия, Бразилия, Канада ж. б.

**Конфедерация –** жалпы кызыкчылыктарын камсыз кылуу максатында убактынча түзүлгөн суверендүү мамлекеттердин юридикалык союзу. Бул түзүлүштө бардык мүчө болгон мамлекеттердин суверендүү укуктары ички, тышкы саясатта толук сакталат (Швейцария).

**Ой жүгүртүү үчүн суроолор:**

1. Тарых курсунан Кыргызстандын аймактык түзүлүштөрүнүн кайсы формасын билесиз?
2. Сиздин оюңузча, кандай себептерден улам мамлекеттин аймактык түзүлүшүнүн формалары өзгөрүшү мүмкүн?
3. Мамлекетти башкаруу формасы менен мамлекеттин аймактык түзүлүш формасынын ортосунда кандай өз ара байланыш бар?
4. Кыргызстан менен чектешкен мамлекеттердин аймактык түзүлүштөрүнүн формалары кайсылар?

**Сунушталуучу адабияттар:**


1. Всеобщая история государства и права новейшего времени. Учебное пособие для студентов юридических специальностей высших учебных заведений. — Симферополь: ДОЛЯ, 2006.
2. Гаджиев К. С. Политология. Учебник для вузов. – М.: Издательская корпорация «Логос», 2003.
3. Мельвиль А. Ю. и др. Политология. Учебник. – М.: МГИМО(У) МИД России, ТК Велби, Изд-во Проспект, 2004.

4. Политология. Курс лекций. Под ред. М. Н. Марченко. Изд. 3-е, переработанное и дополненное. – М.: Зерцало, 2000.
5. Пугачев В. П., Соловьев А. И. Введение в политологию: Учебник для студентов высших учебных заведений. – М.: Аспект Пресс, 1997.

## Тема 9. Мамлекеттин ички жана тышкы милдеттери

Мамлекет кандай башкаруу формасы болгондугуна карабастан, бир топ фундаменталдык милдеттерди аткарат. Анын милдеттери эки багыттан – өлкөнүн **тышкы** жана **ички** багыттарынан турат. Өлкөнүн келечеги калктын жашоо шартын көтөрүү милдетин мамлекет канчалык деңгээлде натыйжалуу аткара алышынан көз каранды.

**Мамлекеттин тышкы функциялары:**

Мамлекеттин тышкы функциялары – анын ишмердүүлүгүнүн негизги багыттары, алар аркылуу мамлекеттин чегиндеги же андан тышкаркы мамлекеттер аралык проблемалар чечилет. Мамлекеттин негизги тышкы функцияларына төмөнкүлөр кирет:

- улуттук коопсуздукту камсыз кылуу функциясы – мамлекеттин өлкөнүн коргонуу жөндөмдүүлүгүн улуттук коопсуздуктун талаптарына шайкеш келгидей кылып тиешелүү деңгээлде кармап туруу боюнча ишмердүүлүгү. Улуттук коопсуздук функциясы өзүнө мамлекеттин коргонуу кубаттуулугун бекемдөөнү, анын ичинде куралдуу күчтөрдүн аскердик даярдыктарын арттырууну, аскерий доктринаны иштеп чыгууну, мамлекеттик чек араларды коргоону, тышкы чалгындоону жана контрчалгындоону, калктын коопсуздугунун маалыматтык жана башка аспектилерин камсыздоону камтыйт;
- тышкы саясаттагы функциясы – мамлекеттер ортосунда дипломатиялык мамилелерди өнүктүрүү, эл аралык келишимдерди түзүү, эл аралык уюмдарга катышуу;
- эл аралык аренада өлкөнүн позитивдүү имиджин түзүү функциясы, ошондой эле чет өлкөлөрдө жүргөн жарандарды коргоо. Мамлекет өз жарандарына такай колдоо көрсөтүп, муктаж болгондорго жардам берүүгө, аларды калкалоого милдеттүү;

- дүйнө өлкөлөрү жана башка эл аралык мамилелердин акторлору менен экономикалык, саясий, маданий ж. б. тармактар боюнча эки тараптуу пайдалуу кызматташуу функциясы.

**Мамлекеттин ички функциялары:**

- укуктук функциясы – укуктук тартипти камсыз кылуу, коомдук мамилелерди жана жарандардын жүрүм-турумун жөнгө салган укуктук нормаларды орнотуу, адамдын жана жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо;
- саясий функциясы – саясий туруктуулукту камсыз кылуу, стратегиялык максаттардагы программаларды иштеп чыгуу, коомду өнүктүрүү;
- уюштуруучулук функциясы – мыйзамдардын аткарылышын көзөмөлдөө, саясий системадагы субъектилердин ишмердигин координациялоо;
- экономикалык функциясы – экономикалык процесстерди уюштурууну координациялоо жана жөнгө салуу, салык -акча кредит саясатын жүргүзүү, пландаштыруу, экономикалык активдүүлүктү стимулдаштыруу, экономикалык санкцияларды жүргүзүү;
- социалдык функциясы – коомдо тилектеш мамилелердин болушун камсыздоо, социалдык адилеттүүлүк принцибин ишке ашыруу, объективдүү себептерден улам өз алдынча татыктуу жашоо кура албаган жарандардын категорияларынын (майыптар, пенсионерлер, көп балалуу үй-бүлөлөр) кызыкчылыктарын коргоо, турак-жай курулушун, саламаттыкты сактоону, коомдук транспорт системасын камсыздоо;
- экологиялык функциясы – адамга таза табигый шартта жашоонун кепилдигин берүү, жаратылышты пайдалануу режимин орнотуу;

- Маданий функциясы – адамдардын маданий талабын канааттандыруу үчүн шарт түзүү, бийик руханий дөөлөттөрдү калыптандыруу, жарандарга ачык маалыматтык мейкиндикти кепилдөө, мамлекеттик маданий саясатты калыптандыруу;
- билим берүү функциясы – билим берүүнү демократиялаштыруу боюнча ишмердүүлүк, үзгүлтүксүз жана сапаттуу билимди камсыз кылуу. Жеткиликтүү, сапаттуу билим алууда элге бирдей мүмкүнчүлүктү түзүп берүү.

**Ой жүгүртүү үчүн суроолор:**

1. Сиздин көз карашыңызда, жогорудагы мамлекеттик функциялардын кайсынысы Кыргызстан үчүн артыкчылыктуу? Эмне үчүн?
2. Мамлекеттин ички жана тышкы функцияларынын кандай өз ара байланышы бар?
3. Мамлекет өз милдеттерин ийгиликтүү аткара алгандыгы же начар аткаргандыгы боюнча өлкөнүн жаңы тарыхынан мисалдарды келтиргиле.
4. Мамлекеттик функцияларды иш жүзүнө ашырууга жаран кандайча таасир көрсөтө алат?

**Сунушталуучу адабияттар:**


1. Гаджиев К. С. Политология. Учебник для вузов. – М.: Издательская корпорация «Логос», 2003.
2. Мельвиль А. Ю. и др. Политология. Учебник. – М.: МГИМО(У) МИД России, ТК Велби, Изд-во Проспект, 2004.
3. Политология. Курс лекций. Под ред. М. Н. Марченко. Изд. 3-е, переработанное и дополненное. – М.: Зерцало, 2000.
4. Пугачев В. П., Соловьев А. И. Введение в политологию: Учебник для студентов высших учебных заведений. – М.: Аспект Пресс, 1997.

## Тема 10. Мамлекеттик аппарат жөнүндө түшүнүк. Мамлекеттик органдар жана аларды классификациялоо

Мамлекеттин эркин кайсы мамлекеттик институт чагылдырат жана турмушка ашырат: президентпи, парламентпи же өкмөтпү? Мүмкүн мамлекет, саясий партиялар аркылуу өз мүмкүнчүлүктөрүн пайдаланабы? Же жарандык коом аркылуубу? Мамлекет өзүнүн чечимдерин кандайча ишке ашырат жана мамлекеттик бюрократия деген эмне?

Франциянын королу Людовик XIV «мамлекет – бул мен» деген сөзү монархиялык башкаруу формасынын көз карашы менен мамлекетке берилген мүнөздүү аныктама болуп саналат. Азыркы демократиялык республикаларды мамлекетке жогоруда берилген аныктама менен элестетүү мүмкүн эмес. Мамлекеттин кабыл алган бардык чечимдери бир же бир нече чиновниктердин эрки менен эмес, мамлекеттин бийлик органдары жана көптөгөн инситуттары тарабынан кабыл алынат.

Мамлекет өзүнүн милдеттерин аткаруу үчүн бири-бири менен тыгыз байланышкан мекеме, уюмдарды түзгөн, алар мамлекеттин ишмердигинин механизмдерин калыптандырат. Бул механизмдер мамлекеттик аппарат деп аталат.

**Мамлекеттик аппарат** (мамлекеттин механизми) – атайын түзүлгөн орган-уюмдардын системасы, алар аркылуу мамлекет коомду башкарат жана негизги кызыкчылыктарын коргойт.

Википедия эркин энциклопедиядан алынган материал

**Мамлекеттик аппаратка тиешелүү жалпы мүнөздөгү белгилер:**


- мамлекеттик механизм атайын башкаруу менен алектенген кызматкерлерден турат (мыйзам чыгаруу, мыйзамдарды аткаруу, мыйзамдарды коргоо). Булардын баары биригип, мамлекеттик бюрократияны түзөт;
- мамлекеттик механизм органдар менен мекемелердин татаал системасы болгондуктан, түздөн-түз бийликтик функцияларын аткарууда бири-бири менен тыгыз байланышта болушат;
- мамлекеттик аппараттын бардык элементтеринин функциялары уюштуруучулук жана финансылык каражаттар менен камсыздалат (мамлекеттик бюджеттен каржыланат, ал өз кезегинде, жарандардын салыктык төлөмдөрүнөн куралат), зарыл болгон учурда мажбурлоо жолу менен коштолот;
- мамлекеттик аппарат өз маани-маңызы боюнча жарандардын мыйзамдуу кызыкчылыктарын жана укуктарын ишенимдүү кепилдеп, коргошу керек (анткен менен бул жобо буга таптакыр карама-каршы келген иш-аракеттерден чектей албайт). Мамлекеттик уюмдардын бийлик чөйрөсүндөгү функциялары мамлекет менен инсандын ортосундагы адилеттүү, гармониялуу мамилени болушунча камсыздаган укук менен чектелет.

**Мамлекеттик аппараттын ишмердиги жана негизги уюштуруу принциптери:**

1. Мамлекеттик аппараттын бардык бөлүктөрүндө жарандардын кызыкчылыгын колдогон өкүлчүлүктөрдүн болуусу;

2. Бийликтин бөлүштүрүлүшү;
3. Мамлекеттик аппараттын ишмердигиндеги ачыктык жана айкындуулук;
4. Жогорку кесипкөйлүк жана компетенттүүлүк;
5. Мыйзамдуулук;
6. Демократизм;
7. Борбордук бийлик менен жергиликтүү бийликтин так өз ара аракеттери жана субординация;
8. Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик бийлик органдары төмөнкү бийлик институттары аркылуу жүргүзүлөт:

**Схема №1.**
**Кыргызстандагы мамлекеттик бийлик институттары**




Ар бир институттун түзүмү жана анын ишмердүүлүгүн камсыздаган бюрократиялык аппараты бар. Жыйырма эки жылдын ичинде бийлик бутактарында бир топ өзгөрүүлөр болуп өткөн. Мисалы, өкмөттүн түзүмү сандык негизде кардиналдуу өзгөрүүлөргө дуушар болуп турган.


**Схема №2. Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин 2012-жылдын декабрь айына карата түзүмү**



| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Юстиция министри | Билим берүү жана илим министри | КР Өкмөтүнө караштуу дене тарбия жана спорт мамлекеттик агенттиги | КР Өкмөтүнө караштуу финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө мамлекеттик кызматы | КР Өкмөтүнө караштуу мамлекеттик материалдык резервдер фонду |
| Каржы министри | Саламаттык сактоо министри | КР Өкмөтүнө караштуу курулуш жана региондук өнүктүрүү боюнча мамлекеттик агенттиги | КР Өкмөтүнө караштуу мамлекеттик каттоо кызматы | КР Өкмөтүнө караштуу милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду |
| Экономика министри | Маданият жана туризм министри | КР Өкмөтүнө караштуу геология жана минералдык ресурстар боюнча мамлекеттик агенттиги | КР Өкмөтүнө караштуу экономикалык кылмыштуулука каршы күрөшүү боюнча мамлекеттик кызматы | КР Өкмөтүнө караштуу мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонд |
| Айыл чарба жана мелиорация министри | | | КР Өкмөтүнө караштуу экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекция | КР Өкмөтүнө караштуу тамак-аш, ветеринария жана фитосанитариялык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекция |

Өкмөттүн түзүмүнө министрликтерден тышкары мамлекеттик агенттиктер, инспекциялар, борборлор, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары кирет. Өкмөттүн чечимдерин аткаруу механизми үч деңгээлде ишке ашырылат.


**Схема №3. Аткаруу бийлигинин үч деңгээли**




Президент институту жана парламент да бир топ мекеме-уюмдарга ээ. 2010-жылкы конституциялык өзгөрүүлөргө ылайык, Жогорку Кеңеш бир палаталуу жана 120 депутаттан турат (2005-жылга чейин парламент эки палаталуу болуп, Мыйзам чыгаруу жана Эл өкүлдөр палатасы деп аталган).

**Схема №4.**

**Кыргыз Республикасынын мыйзам чыгаруу бийлигинин түзүмү**



**Парламенттин комитеттери** (2013-жылдын январь айына карата):

- Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш жана адам укуктары боюнча комитети;
- Сот-укуктук маселелер жана мыйзамдуулук боюнча комитети;
- Коргоо жана коопсуздук боюнча комитети;
- Эл аралык иштер боюнча комитети;
- Агрардык саясат, суу ресурстары, экология жана региондук өнүгүү боюнча комитети;
- Билим, илим, маданият жана спорт боюнча комитети;
- Социалдык саясат боюнча комитети;
- Отун-энергетика комплекси жана жер казынасын пайдалануу боюнча комитети;
- Транспорт, коммуникациялар, архитектура жана курулуш боюнча комитети;
- Экономикалык жана фискалдык саясат боюнча комитети;
- Жогорку Кеңештин Регламенти жана депутаттык этика боюнча комитети;
- Бюджет жана финансы боюнча комитети;
- Мыйзамдуулук, укук тартиби жана кылмыштуулук менен күрөшүү комитети;
- Коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча комитети.

**Схема №5. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Аппараты (2012-жыл, март)**

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Аппарат жетекчиси

↓

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Аппарат жетекчисинин биринчи орун басары

↓

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Аппарат жетекчисинин орун басарлары

↓

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Аппаратынын бөлүмдөрүнүн башчылары

Президенттик аппараттын түзүмүндө көптөгөн бөлүмдөр иштейт. Ошол эле мезгилде президентке күч органдары, коргонуу кеңешинин катчылыгы түздөн-түз баш ийишет.

**Кыргыз Республикасынын Президенттик Аппаратынын түзүмү (2013-жыл, февраль)**

- Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынын жетекчиси;
- Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынын жетекчисинин биринчи орун басары;
- Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынын жетекчисинин орун басарлары;
- Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешиндеги Ыйгарым укуктуу өкүлү;
- Кыргыз Республикасынын Президентинин кеңешчилери;
- Кыргыз Республикасынын Президентинин басма сөз -катчысы;
- Кыргыз Республикасынын Президентинин жардамчысы;

- Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин катчылыгы;
- Тышкы саясат бөлүмү;
- Мамлекеттик жана аймактык башкаруу жана кадрдык иш бөлүмү;
- Укуктук жактан камсыз кылуу бөлүмү;
- Соттук реформа жана мыйзамдуулук бөлүмү;
- Финансы – экономикалык талдоо жана өнүгүүгө мониторинг жүргүзүү бөлүмү;
- Этностук, диний саясат жана жарандык коом менен өз ара аракеттенүү бөлүмү;
- Социалдык саясат бөлүмү;
- Жарандардын кайрылуулары менен иштөө боюнча бөлүмү;
- Маалыматтык саясат бөлүмү;
- Канцелярия.


**Президентке караштуу Комиссиялар:**

- Мамлекеттик сыйлыктар боюнча Комиссиянын катчылыгы;
- Жарандык маселелери боюнча Комиссиянын катчылыгы;
- Ырайым кылуу маселелери боюнча Комиссиянын катчылыгы;
- Тарых илимин өнүктүрүү боюнча Комиссиясы.

Кыргызстандагы сот бийлиги сот системасына берилип, ал бир топ уюмдардан турат. Бул уюмдар өлкөдөгү сот адилеттүүлүгүн ишке ашырат, соттордун өз алдынча башкаруу уюму, сот корпусундагы кадрлар боюнча уюму, жергиликтүү сотторду материалдык-техникалык жактан камсыздоо жана билимин өркүндөтүү борборунан турат. 2010-жылдагы жаңы Конституция боюнча сот системасында узакка созулган реформа башталган. Конституциялык сот жоюлуп, анын ордуна Жогорку Сотто Конституциялык палата түзүлгөн. Сотторду

тандоо Кеңеши түзүлүп, анын курамына жарандык коомдун өкүлдөрү, Жогорку Кеңештин депутаттары жана соттордун коомчулугунун өкүлдөрү киргизилген.

**Схема №6. Кыргыз Республикасынын Сот бийлигинин түзүмү**




## Ой жүгүртүү үчүн суроолор:

1. Мамлекеттик аппарат деген эмне?
2. КРдеги бийлик бутагы канчага бөлүнөт жана алар кайсылар?
3. КР Президентинин, Жогорку Кеңешинин сот системаларынын түзүмдөрү жөнүндө эмнелерди билесиз?

**Сунушталуучу ресурстар:**

1. КР Президентинин расмий сайты – www.president.kg
2. КР Жогорку Кеңешинин расмий сайты – www.kenesh.kg
3. КР Сот системасынын маалымат сайты – sudsystem.kg
4. Коомдук саясат институтунун сайты. Талдоо бөлүмү – www.ipp.kg
5. « Ачык Кыргызстан» долбоорунун сайты. Талдоо бөлүмү – www.open.kg

## Тема 11. Мамлекеттик бюджет деген эмне?

*Теңдештирилген бюджет мыкты бюджет.*

*Адам Смит*

**Мамлекеттин бюджети –** бул коомго зарыл болгон чыгымдардын жана аларды каржылоо үчүн күтүлгөн кирешелердин булактарынын планы.

**Бюджет –** мамлекетти башкаруу системасынын бир бөлүгү жана өлкөнүн негизги каржы булагы болуп саналат. Бюджет мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү жана мамлекеттин социалдык милдеттенмелердин аткаруусун каржылагандыктан ар бир жарандын кызыкчылыгын козгойт.

Бюджеттин абалы бул өкмөттүн ишмердигинин негизги көрсөткүчү (индикатору). Бюджеттин аткарылышынан социалдык маданий мекемелердин ишмердүүлүгү (ооруканалар, мектептер, маданий объектер), мамлекеттик кызматта иштегендердин, мугалимдердин, дарыгерлердин, милиционерлердин айлык акылары, пенсия, пособиялардын төлөнүшү, коомдогу тартип жана жарандардын коопсуздугу көз каранды.

Мамлекеттик бюджеттин өзгөчө касиети жеке сектор жаба албаган чыгымдарды жапкандыгында. Мисал катары, мамлекеттик коргоо же болбосо тышкы саясат тармактарын алайлы. Алар, айрым жарандардын күнүмдүк жашоосунда таасир тийгизбегендигине карабастан коомго керектүү өтө маанилүү тармактар. Ал эми мамлекет тарабынан көрсөтүлүп жаткан кээ бир кызматтар (мисалы, билим берүү, саламаттыкты сактоо, коомдук тартип) бюджет үчүн абдан кымбат тургандыгын эске алып, ал кызматтарды жеке секторго

бере турган болсо анда ал кызматтар колунда бар жарандарга гана жеткиликтүү болуп калат. Ошондуктан мамлекет аталган кызматтардын баардык жарандарга көрсөтүлүүсүнө кызыкдар. Капитализм шартында коомдогу киреше бирдей бөлүнбөгөндүктөн, коомдогу социалдык конфликттерди болтурбоо максатында мамлекет элди социалдык жактан коргонууну, кирешелерди жөнгө салууну ишке ашырат. Мамлекет өзүнүн милдеттерин толук кандуу аткаруу үчүн бюджетти кабыл алуу талап кылынат.

**Мамлекетти башкарууда бюджет үч чоң милдетти аткарат:**

1. Мамлекет алдыга койгон максаттарды жана милдеттерди ишке ашырууда зарыл болгон чыгымдарды пландаштырууну ачык көрсөтөт;
2. Кирешелерди жана чыгымдарды чогултуп көзөмөлдөйт;
3. Экономиканы жөнгө салууда мамлекеттик инструмент болуп саналат жана өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө колдоо көрсөтөт.

Бюджеттин кантип чыгымдалышы, кайсы чыгымдар приоритеттүү түрдө биринчи каржыланат, бюджеттин аткарылышын кандайча көзөмөлдөө керектиги жана анын аткарылышына ким жооптуу экендигин билүү абдан маанилүү. Мамлекеттин кирешесинин деңгээлине жараша, бюджеттин чыгымдары аныкталат. Эгерде бюджеттин киреше бөлүгү пландаштырылган чыгымдарга караганда көп топтолсо анда мындай бюджет – **профициттик бюджет** деп айтылат. Бирок, көпчүлүк учурда тескерисинче болуп калып, чыгымдар, кирешеден ашып кетет. Мындай бюджет – **дефициттик бюджет** деп аталат.

**Таблица  1. 2012-жылкы бюджеттин киршеси жана чыгашасы**




**Таблица  2. 2013-жылкы бюджеттин кирешеси жана чыгашасы**




Таблицаларда көрсөтүлгөндөй мамлекеттик бюджет киреше жана чыгаша бөлүктөрүнөн турат.

- **Киреше** – бул ар кайсы булактардан малекеттин капчыгына түшө турган акчанын көлөмү (салык жана бажы төлөмдөрү кирешенин көпчүлүк бөлүгүн берет).
- **Чыгаша** – бул мамлекеттин коомдун алдында убадалаган милдеттерин мыйзам чегинде каржылоо.

**Таблица 3. Республиканын деңгээлиндеги бюджеттик процесс**

| | Катышуучулар | Негизги документтер |
|---|---|---|
| Бюджетти даярдоо | - КР Өкмөтү<br>- Каржы министрлиги, министрликтер жана ведомстволор | - Республикалык бюджет жөнүндө мыйзамдын долбоору жана түшүндүрмө кат. |
| Бюджетти талкуулоо | - Жогорку Кеңеш<br>- Жогорку Кеңештин комитеттери, фракциялары | - Республикалык бюджет жөнүндө мыйзам долбоору жана түшүндүрмө кат.<br>- Комитеттердин корутундусу. |
| Бюджетти аткаруу | - КР Өкмөтү<br>- Каржы министрлиги<br>- министрликтер жана ведомстволор | - Бюджеттин аткарылышы боюнча ай сайын берилүүчү отчёт. |
| Бюджеттин аткарылышын көзөмөлдөө | - Эсептөө палатасы<br>- Жогорку Кеңеш<br>- Жарандар | - Эсептөө палатасынын отчёту<br>- Жогорку Кеңештин комитетинин корутундусу |

Мамлекеттин киреше чыгымдарын пландаштырууда, бюджетти ишке ашырууда жарандар активдүү катышуулары керек. Себеби мамлекет өзүнүн жеке каражатын эмес, жарандардан чогултулган салыктарды, төлөмдөрдү иштетет.

Мамлекеттик бюджеттин чыгымдарын анализдөө мамлекеттин жүргүзгөн бюджет саясатынын күчтүү жана алсыз жактарын айкын көрсөтөт. Бюджет саясатын аныктоодо негизги ролду Жогорку Кеңеш ойнойт. Парламентарийлер кабыл алган бюджет тууралуу мыйзам милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш. Мамлекеттик башкарууда бюджет коом-

догу каржыларды гана көзөмөлдөбөстөн, экономикага жана коомго таасир эте турган инструмент катары да пайдаланылат. Бюджет, экономиканын өнүгүү шарттарын жөнгө салууга мүмкүнчүлүк берет (салыктардын деңгээли, керектөөлөр, акча сактоо ж. б.) жана коомдогу социалдык-экономикалык процесске таасирин тийгизет (мугалимдердин айлыктары, пенсиялар ж. б.).

Жарандар парламентте өтө турган бюджет тууралуу коомдук угууларга, талкууга катыша алышат жана массалык маалымат каражаттары аркылуу бюджет боюнча өз ойлорун билдире алат. Ошондой эле мамлекеттик уюмдардын алдындагы коомдук байкоочу кеңештердин ишмердигине да катыша алат.

Жарандар тарабынан көзөмөлдөө, мамлекеттин социалдык милдеттемелерин аткарууда, бюджеттик каражаттарды чыгымдоодо, мыйзам бузуучулукка, бюджеттик акчаларды кыянаттык менен пайдаланууга жол бербейт.

**Ойлонуу үчүн суроолор:**

1. Мамлекеттик бюджет жарандарга кандай пайда алып келет?
2. Мамлекеттик бюджет үй-бүлөлүк бюджеттен эмнеси менен айырмаланат?
3. Бюджетти түзүүдө бийликтин кайсы бутактары катыша алат?
4. Сиздин оюуңузча жарандар эмне үчүн бюджеттин аткарылышын көзөмөлдөш керек?
5. 1-чи жана 2-чи таблицалар боюнча Кыргыз Республикасынын бюджети кандай?

**Сунушталуучу адабияттар:**

1. КР жарандык бюджет 2012-ж. КР Каржы министринин расмий сайты: minfin.kg/index.php
2. Жарандык бюджет 2011-жылкы КРнын Республикалык бюджетинин расмий эмес кыскача билдирүүлөрү. / Э. Абдыкалыкова, Н. Добрецова. – Б.: 2011. – 28 б.
3. Бюджеттик маалыматтардын жеткиликтүүлүгү жөнүндө регионалдык отчёт/отв.: Фидан Багирова, Тамар Калдани, Алексей Орловский, Сырга Исабаева. – Б.: Изд. Дом «Kirland». – 44 б. Доступно soros.kg/wpcontent/uploads/2010/11/Regionalreport_acsessoninformation_2010.pdf

**Сунушталуучу ресурстар:**

1. КР жарандык бюджет 2012-ж. КР Каржы министринин расмий сайты: minfin.kg/index.php
2. Гражданский бюджет. Краткое неофициальное изложение республиканского бюджета Кыргызской Республики на 2011 год / Под ред. Э. Абдыкалыкова, Н. Добрецовой. – Б.: 2011. – 28 с.
3. Региональный отчет о доступе к бюджетной информации / Отв.: Фидан Багирова, Тамар Калдани, Алексей Орловский, Сырга Исабаева. – Б.: Изд. Дом ''Kirland''. – 44 с

## Тема 12. Мамлекеттик бюджет кандай кирешелерден түзүлөт жана эмнелерге чыгымдалат?

**Бюджеттин кирешеси** – бул коомго керектелүүчү чыгымдарды каржылоо максатында мамлекет тарабынан ар кайсы булактардан жыйналган каражаттар.

**Бюджет кирешелери төмөнкү 3 топко бөлүнөт:**

- Салык төлөмдөрүнөн түшкөн кирешелер;
- Трансферттер;
- Салыктан тышкары кирешелер.

Бюджеттин киреше бөлүгүнө түшкөн каражаттардын дээрлик көпчүлүгү мамлекет өзү тапкан жана коомчулуктан алып жаткан күнүмдүк кирешелерге кирет. Күнүмдүк кирешелер салыктын төлөмдөрүнүн түрүнө карап, өз убагында, ай сайын, ар бир кварталда же жылына бир жолу бюджетке түшүп турат. Салыктарды төлөө мөөнөтүнө карап жыйналат. Күнүмдүк киреше туруктуу, стабилдүү кирешенин булагы болуп саналат.

### *Салыктар*

Калктын социалдык катмарларынын жана аймактардын арасында кирешени кайра бөлүштүрүү салык саясаты аркылуу жүргүзүлөт. Мисалы, кимде-ким көп киреше тапса мамлекет аларга жогорку суммадагы салыктарды төлөтөт, ошол эле мезгилде кирешеси аз салык төлөөчүлөргө мамлекет жеңилдиктерди (льгота) берет. Мисалы, социалдык жардам иретинде жөлөк пул берүү.

Кошумча нарк салыгы кирешенин эң чоң булагы болуп саналат. Анын үлүшү жалпы кирешенин 27% түзөт. Андан кийинки чоң булак Кумтөрдүн дүң кирешесинен түшкөн салык.

Салыктардын негизги милдеттери – мамлекет жарандардын алдында өзүнө алган милдеттемелерди аткаруу максатында (чек араны коргоо, дүйнөлүк коомчулуктун алдында мамлекеттин кызыкчылыгын коргоо, ички тартипти көзөмөлдөө ж. б.) мамлекеттин бюджетин салык түрүндө киреше менен камсыз кылуу.

Салык алуунун мыйзамдуулук негизин Кыргыз Республикасынын Салык кодекси аныктайт. Салык кодексине ылайык республикада салыктар **жалпы мамлекеттик салыктар** жана **жергиликтүү салыктар** болуп бөлүнөт.

Жалпы мамлекеттик салыктардын негизинде салык төлөөгө тийиштүү объектер жана салык төлөөчү жарандар үчүн салык төлөө ставкасы баарына бирдей болот. Ал эми жергиликтүү салыктар жер-жерлерде жергиликтүү кеңештер аркылуу өзүнүн аймагына мыйзамдын чегинде киргизилген салыктар.

Жалпы мамлекеттик салыктар, жергиликтүү салыктардан айырмаланып, бүткүл республиканын аймактарынан жыйналат. Жалпы мамлекеттик салыктар Жогорку Кеңеш тарабынан киргизилет. Ошондой эле парламент салыктын ставкасы, салык жыйналуучу объектер жана аларга карата артыкчылыктар да аныкталат. Жергиликтүү салыктар, жер-жерлердеги өзүн-өзү башкаруу органдары тарабынан өзүнүн аймагына киргизилет. Жергиликтүү кеңештер тарабынан киргизилген салыктардын ставкасы, салык артыкчылыктары ар кандай болушу мүмкүн. Себеби ар бир жергиликтүү кеңеш өзүнүн шартына карап чечим кабыл алышы мүмкүн.

**Жалпы мамлекеттик салыктарга төмөнкү салыктардын түрлөрү кирет:**

- киреше салыгы;
- пайда салыгы;
- кошумча нарк салыгы;
- акциз салыгы;
- жер казынасын пайдалануу салыгы;
- сатуу салыгы.

**Жергиликтүү салыктарга төмөнкүлөр кирет:**

- жер салыгы;
- мүлк салыгы.

Ар бир жаран ишмердигинин түрүнө жана кирешесине карата бюджетке бир нече салыктын түрүн төлөйт. Салык **түз** жана **кыйыр** түрдө жыйналат.

Түз салык пайда тапкан ар бир жаран тарабынан төлөнөт. Кыйыр салыктар кээ бир товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө салынат. Алгач кыйыр салыктарды ишкерлер же дүң түрүндө сатып алуучулар төлөшөт. Кыйыр салыктын мисалы болуп кошумча нарк салыгы боло алат жана акциздик жыйымдар, чекене соодадан калкка акы төлүнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдөн жыйналат.

Мамлекеттин негизги кирешесин түзгөн капиталдык кирешелер, бир мезгилдүүлүк мүнөзү менен айырмаланат. Мамлекет өзүнүн мүлкүн сатканда капиталдык кирешелерди алат. Мамлекет өзүнө тиешелүү жерлерди, имараттарды, жабдууларды, товарлардын запасын, акцияларды жана башка объектерин сата алат. Бирок, бул кирешелер туруктуу боло албагандыктан, мамлекет дайыма аларга таяна албайт.

Мамлекет, бюджетти колдоо максатында чет өлкөлөрдөн же Эл аралык уюмдардан финансылык жардам да алып турат. Мамлекеттин бюджетине түшкөн мындай кирешелер **трансферттер** деп аталат. Жардам иретинде (грант) берилген каражаттар кайтарылбайт. Чет элдик трансферттер кээ бир долбоорлорду ишке ашырууда, жаратылыш кырсыктарын жоюуда да колдонулат.

Чет жактан келген жардамдардын бир бөлүгү грант түрүндө жарымы жеңилдетилген пайыз менен КР Өкмөтүнө кредитке берилет. Кредиттер Өкмөттөр ортосундагы же Өкмөт менен Эл аралык уюмдардын ортосунда кол коюлган келишимдердин негизинде белгилүү бир убакытта кайтарылат. Кыргызстандын тышкы карызынын көлөмү 2011-жыл 31-декабрына карата ар бир жан башына 27 миң 217 сомду түзсө, ички карыз 250 млн АКШ долларын түздү. 2012-жылы тышкы карызды төлөө үчүн 106,2 млн АКШ доллары талап кылынган. 2013-жылга 110,9 млн доллар, 2014-жылга 123,5 млн доллар талап кылынат.

**Мамлекеттик карыз** – бул чет өлкөлөрдүн, эл аралык уюмдардын, юридикалык жана физикалык тараптардын жана башка субъекттердин алдындагы өлкөнүн карыз алуудагы милдеттемелери.

### *Салыктан тышкары кирешелер*

Мамлекеттик кирешелерди түзүүдө салыктан тышкары төлөмдөр маанилүү ролду ойнойт.

**Анын бир нече түрлөрү бар:**


а) мамлекет тарабынан кызмат көрсөтүүлөр (мисалы, менчикти каттоо, пасторттторду, айдоочунун күбөлүктөрүн берүү ж. б.);

б) мамлекеттин менчигинен жана мамлекеттин ишкердүүлүгүнөн түшкөн кирешелер;

в) мамлекеттик пошлина, лицензия акылары, айып төлөмдөр ж. б.

Эгерде мамлекет, ишканалардын акцияларына ээ болуп дивиденд алса анда ал кирешелер да салыктан тышкары кирешелерге кирет. Эгерде мамлекет акцияларын сатса, анда акциядан түшкөн кирешелер капиталдык киреше болуп саналат. Салыктан тышкары кирешелердин катарына кирген мамлекеттик акционердик ишканалардын дивиденттери, кредиттердин пайыздары, суу объектерин колдонуу жана мамлекеттик имараттарды ижарага берүүдөн жана башка ресурстарды пайдалануудан түшкөн кирешелер мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүн толуктап турат.

**Диаграмма 1. 2012-жылга карата мамлекеттик бюджеттин кирешеси 79 млрд 900 млн сом**



Бардык мамлекеттер бюджеттик каражаттар менен биргеликте, бюджеттен тышкары фондулары бар. Алардын бири пенсия, жөлөк пулдар берүүчү Социалдык фонду. Бул фонддун бюджетин Жогорку Кеңеш бекитет. Социалдык фонд камсыздандыруу төлөмдөрүнөн жыйналып топтолгон каражаттарды, пенсия, социалдык камсыздандыруу боюнча жөлөк пулдар, медициналык камсыздандыруу түрүндө кайра бөлүштүрөт.


Бюджеттин киреше бөлүгү кандайча түзүлөрү тууралуу түшүнүк пайда болгон соң, анын чыгаша бөлүгү кандайча каржыланат деген суроо туулат?

**Республикалык бюджеттин чыгашалары –** бул коомдун керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн, материалдык жыргалчылыктарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуудагы мамлекеттин чыгымдары. Аларга мамлекеттик кызматкерлердин, мугалимдердин, дарыгерлердин, ж. б. у. с, коммуналдык чарбалардын кызмат көрсөөтүүлөрүн каржылоо кирет. Мындан тышкары бюджеттин эсебинен мамлекеттик уюмдардын ишмердигин камсыз кылуу максатында, концелярдык товарлардан тартып канализациялык системанын жабдыктарына чейинки ар түрдүү товарлар сатылып алынат. Коомдун керектөөлөрүн канааттандырууда бюджеттин эсебинен айрым ишканалар кайтарымсыз жана кайтарылуучу негизде (мындай ишканалардын критерийлерин мамлекет бекитет) каржыланат.

Бюджеттин эсебинен трансферт түрүндө жөлөк пулдар берилип – ошол эле мезгилде ишканаларга, экономиканын башка тармактарына жардам кредит түрүндө берилет. Ошондой эле бюджеттин эсебинен мамлекеттик карыздар төлөнөт. Ар бир жылдын мамлекеттик бюджеттери бири-бирине окшошпойт, себеби жылдардын өзүнчө өзгөчөлүгү бар.

Мисалы, 1995–1998-жылдардагы бюджетте өлкөнү коргоого өтө төмөн каражат каралган болсо (1–2%), кийинки жылдардагы бюджетте өлкөнү коргоого көп каражат бөлүнө баштаган. (Айрыкча Баткендеги 1999–2000-жылдардагы окуялардан кийин). Бюджеттеги бул статья туруктуу өсүп турат.

**Диаграмма 2. 2012-жылкы мамлекеттик бюджеттин чыгашалары**




**Ойлонуу үчүн суроолор:**

1. Бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүгү эмнелерден түзүлөт?
2. Сиздин оюңузча, бюджеттин чыгаша бөлүгүнө артыкчылыктар кандайча аныкталат?
3. Салык деген эмне жана анын кандай түрлөрүн билесиз?
4. Интернеттен акыркы 2 жылдын ичиндеги өлкөнүн бюджетин таап, киреше чыгаша бөлүктөрүн салыштырып, ар бир жылдык бюджеттин өзгөчөлүгүнө анализ бергиле ?

**Сунушталуучу адабияттар:**

1. КР жарандык бюджет 2012-ж. КР Каржы министринин расмий сайты: minfin.kg/index.php?optionңcom_content&viewңarticle&idң1245:-2012&catidң45:2010-10-05-10-25-12&Itemidң115
2. Гражданский бюджет. Краткое неофициальное изложение республиканского бюджета Кыргызской Республики на 2011 год / Под ред. Э. Абдыкалыкова, Н. Добрецовой. – Б.: 2011. – 28 с.
3. Региональный отчет о доступе к бюджетной информации / Отв.: Фидан Багирова, Тамар Калдани, Алексей Орловский, Сырга Исабаева. – Б.: Изд. Дом ''Kirland''. – 44 с

**Сунушталуучу ресурстар:**

1. КР Өкмөтүнүн расмий сайты – www.gov.kg
2. КР Финансы министрлигинин расмий сайты – www.minfin.kg/
3. «Бюджеттин ачыктыгы жана отчёттуулугу» программасы Фонд Сорос-Кыргызстан www.soros.kg/programmes/byudzhetnaya-prozrachnost

## Тема 13. Базар экономикасы жана анын мамлекеттин өнүгүүсүндөгү ролу

**Базар экомикасы** – жеке менчикке, эркин тандоого жана атаандаштыкка негизделген, жеке кызыгууларга таянган, өкмөттүн ролун чектеген система болуп саналат. Базар экономикасы керектөөчүнүн эркиндигине, базардагы товар жана кызмат көрсөтүүлөрдү эркин тандоого кепилдик берет.

Күчтүү жана туруктуу экономикасыз мамлекеттин өнүгүүсү мүмкүн эмес. Дүйнөдө көпчүлүк ийгиликтүү өнүгүп жаткан жана өнүккөн өлкөлөр өздөрүнүн экономикасын базар экономикасынын принциптерин негизинде түзүүдө.

**Базар экономикасын классикалык мүнөздөмөлөрү:**

1. Базарда сунуштар жөнгө салынбайт жана көптөгөн көз карандысыз товар өндүрүүчүлөр болот. Алар эмне? кантип? канча? өндүрүү керек жана кимге сатылат деген суроолорго өз алдынча чечим кабыл алат;
2. Базар экономикасында жөнгө салынбаган суроо-талаптын негизинде көптөгөн көз карандысыз керектөөчүлөр, эмне, канча кимден сатып алуу керек деген маселени өздөрү чечет;
3. Жөнгө салынбаган баа сунуш жана суроо-талаптан көз каранды;
4. Базардагы мыкты шарт үчүн эркин атаандашуу. Соода -сатыкка катышкандардын саны чексиз, базарга кирүү жана чыгуу эркин, экономикалык ишмердик да эркин. Башкача айтканда ар бир адам ишкердик менен алектенүүгө, же ишкердикти токтотууга укуктуу. Өндүрүүчүлөр (сатып алуучулар) каалаганын сатып алышат. Демек, өндүрүүчүлөр жана керектөөчүлөр, сатуучу-

лар жана кардарлар тең укукка ээ жана базардын бир да катышуучусу башка бир катышуучулардын чечимдерине кысым көрсөтө албайт;

5. Ишкерчилик кирешени көбөйтүү максатын көздөгөндүктөн өндүрүштүн көлөмүн кеңейтүүнү, жаңы технологияларды өздөштүрүүнү жана колдонууга аракеттенүүсү. Материалдык, эмгек жана каржы ресурстарынын мобилдүүлүгү;
6. Базар экономикасын ар бир катышуучусу базардагы суроталап, сунуш, баалар жөнүндө жеткиликтүү толук маалыматка ээ болуусу. Маалыматсыз базарга кирген адам туура чечим кабыл алалбайт;
7. Өндүрүштө монополиянын жана товарлардын бир түрдүүлүгүнүн жоктугу, ансыз базардын сатуучулары менен кардарлардын жүрүм-турумунда экономикалык эркиндик болбойт.

**Базар экономикасы –** бул өндүрүштө ишкерчилик эркин негизделген экономикалык система. Базар экономикасы өзүн-өзү жөнгө салат. Мамлекет тарабынан көзөмөлдөө чектелген. Базар экономикасынын абалына жараша ар башка өлкөлөрдөгү элдин жашоо деңгээлине баа берүүгө болот. Базар экономикасында ар дайым маалыматтын жеткиликтүүлүгү базардагы акыркы саясатка, өзгөрүүлөргө жана тенденцияларга көз салып турууга мүмкүнчүлүк түзөт. Товарларга болгон баалардын өзгөрүүсү жана башка көрсөткүчтөр жөнүндө маалымат товар өндүрүүчүлөрдүн продуктулардын сапатын жана санын, көрсөтүлүп жаткан кызматтарды өзгөртүп турууга негиз болуп турат.

Базар ортомчулук милдетти да аткарат. Өнүккөн атаандаштыктын шартында кардар ыңгайлуу сатуучуну тандап алуусу мүмкүн. Ортомчу да өзүнө ыңгайлуу кардарды табышы мүмкүн. Базардын баа түзүүчүлүк милдети, баа менен нарктын ортосундагы ийкемдүү байланыштын түзүлүшүнө жооп

берет. Базарга чыгарылуучу бир түрдүү товар жана кызмат көрсөтүүлөргө өндүрүүчүлөр ар кандай материалдык жана эмгектик чыгымдарды сарпташат. Ошондуктан баанын түзүлүшүнө коомдук пикир да башкача айтканда суроо-талап да өз таасирин тийгизе алат.

Ошондой эле, базар жөнгө салуучу жана санитардык милдеттерди да аткарат. Ал атаандаштыкка туруштук бере алган өндүрүүчүлөрдү колдоп, алсыздарга ырайымсыз мамиле жасайт. Баанын өсүшү өндүрүштүн өнүгүп, кеңейишине алып келсе, баанын төмөндөшү өндүрүштү кыскартат. Кандайдыр бир баа боюнча экономикалык жашыруун сүйлөшүүлөргө жол бербөө максатында, мамлекет дагы бааны жөнгө салып турат. Ишкердик экономикалык өнүгүүнүн кыймылдаткыч күчү болуп саналат.

Мамлекеттин экономикалык саясаты, ошол өлкөнүн саясий режими менен тыгыз байланышта. Эреже катары пландуу экономика, базар экономикасына карама-каршы келип, демократиялык эмес өлкөлөр пландуу экономиканы көп колдонушат.

Кыргызстан 1991-жылдан кийин өзүнүн көз карандысыздыгын жарыялап демократиялык жолду таңдагандан кийин, экономикасы базар системасына өтө баштаган. Биринчи кезекте СССРдин экономикалык системасы отурукташкан пландуу экономиканы базар экономикасына өткөрүү жана коомдук менчикти мамлекеттик менчиктен бөлүү маселелери коюлган. 1991-жылы 20-декабрда Жогорку Кеңеш «Менчиктештирүү» мыйзамын кабыл алган. Аны иш жүзүнө ашыруу үчүн Мамлекеттик Мүлк Комитети түзүлгөн.

1992-жылдан баштап бир катар завод-фабрикалар, кызмат көрсөтүү чөйрөдөгү ишканалар, имараттар, турак жайлар

курулуш объектери, жер тилкелери, унаалар жеке менчикке берилген. Мыйзамга ылыйык мамлекеттин карамагында стратегиялык мааниси бар жаратылыш байлыктары, тоолор, токой, суу, маданий жана тарыхый байлыктар калтырылган.

1993-жылы 10-майда Кыргызстан өзүнүн улуттук валютасы – сомду жүгүртүүгө киргизип, рубль колдонуу мейкиндигинен чыкты. Улуттук валютанын киргизилиши экономиканын өнүгүүсүнө жана жаңы мүмкүнчүлүктөргө жол ачты. Мындан ары Кыргызстан акча маселеси боюнча Россияга көз каранды болбой калды. Кыргызстан агрардык өлкө болгондуктан калктын 60% айыл жерлеринде жашашат. Базар экономикасына өтүүдө өлкөнүн айыл чарбасы узакка созулган кризистен чыга албай, айыл элинин жашоо шарты кескин начарлап, жакырчылык өсүп кетти.

Базар экономикасына өтүүгө кыргыз эли дагы, мамлекеттик жетекчилер да даяр эмес эле. Конкреттүү максаттарды жана багыттарды көздөгөн программанын жоктугу экономикалык реформалардын токтоп калышы, көп тармактарды экономикалык баш-аламандыкка алып келди. Өнөр-жай ишканалары жабылып, колхоз, совхоздор жоюлуп, миңдеген адамдар жумушсуз калды. Жумушсуздардын саны күн өткөн сайын өсө баштады. Айлык акылар, пенсия, жөлөк пулдар өз убагында төлөнбөгөндүктөн, калктын социалдык-экономикалык абалы начарлады. Эмгекке жарамдуу калктын көпчүлүк бөлүгү жумушсуз калгандыктан, айрыкча славян улутундагылар Кыргызстандан көчүп кете баштады. Менчиктештирүү мезгилинде, жарандын кызыкчылыктары эске алынбай, одоно кемчиликтер кетирилип, мамлекеттик казнага чоң суммадагы акчалар түшпөй калган. Бул карапайым калктын жашоосун андан ары начарлатып, 1998-жылга карата калктын 70% жакырчылыкта жашап калган. Чет өлкөлөрдөн келген жардамдар максатсыз пайдаланып, калктын көйгөйлөрү

чечилбей кала берген. 90-жылдары чет өлкөлөрдөн 1 млрд. 600 млн. доллар кредит келген болсо, анын көпчүлүк бөлүгү максатсыз иштетилип кеткен. Кыргызстанга келген чет элдик фирмалар менен туура эмес келишимдер түзүлүп, натыйжада өлкөнүн экономикасы чоң зыяндарды тарткан.

**Базар экономикасынын артыкчылыгы жана кемчилиги**

| Артыкчылыгы | Кемчилиги |
|---|---|
| Өндүрүштүн эффективтүүлүгүн жогорулатат, эмгекти жана ресурстарды үнөмдөөгө аракеттендирет. | Кайра өндүрүлбөгөн ресурстардын сакталышына көмөктөшпөйт. |
| Маалыматтын чектелгенине карабастан өз ишин уланта алат: баалар жана чыгымдар жөнүндө билүү жеткиликтүү. | Өнүгүүнүн туруксуздугуна кабылдырат. |
| Шарттын өзгөрүүсүнө жараша тез ыңгайлашат. Өзүн-өзү жөнгө салуучу системаны түзөт. | Ресурстарды толук пайдаланууну камсыз кылбайт. |
| Өндүрүүчүлөр менен керектөөчүлөрдүн эркин тандоосу жана аракети. | Ишкерчиликтин эркиндигин бузган факторлордун болушу (монополизм) |
| Илимий-техникалык прогресстин жетишкендиктерин максималдуу пайдалануу. | Тышкы эффектердин тийгизген терс (айлана-чөйрөнү коргоо) жана оң таасирлерин (билим берүү, илим, саламаттыкты сактоо) эсепке албоо. |
| Керектөөчүлөрдүн ар кандай керектөөлөрүн канааттандыруу, товардын жана кызмат көрсөтүүнүн сапатын көтөрүү. | Коомдук жыргалчылыктарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү өндүрүүгө колдоо көрсөтпөйт (улуттук коргонуу). |

22 жылдын ичинде базар экономикасынын принциптерин киргизүү менен өлкөдө позитивдик жана негативдик таж-

рыйбалар топтолду. Азыркы учурда экономика чөйрөсүндө, өзгөчө кызмат көрсөтүү тармагында акырындык менен өсүү байкалууда, бирок жалпы экономикада туруктуу, стабилдүү динамикалык өнүгүү алдыда. Ошондуктан экономиканын эффективдүү өсүшүнө жетишүү, калктын арасындагы жакырчылыктын масштабын кыскартуу, прогрессивдүү заманбап экономиканын технологиялык базасын түзүү да алдыда. Мамлекеттин жана жарандардын келечектеги стратегиялык максаты кедей мамлекеттердин катарынан чыгып, орто өнүккөн өлкөлөрдүн тобуна кошулуп, алардын катарында бекем ордун сактоо. Бул максатка жетүү үчүн Кыргызстандын базар экономикасы толук кандуу өнүгүш керек жана ааламдашкан экономикада өзүнүн ишенимдүү багыты жана ээлеген орду болушу зарыл. Жарандарды толук жумуш менен камсыз кылып, өлкөдөгү жашоо деңгээлди көтөрүү керек.

**Ойлонуу үчүн суроолор:**

1. Базар экономикасы саясий режимдин түрү менен кандай байланышта?
2. Базар экономикасынын кандай оң жана терс жактары бар?
3. Базар экономикасынын шартында жеке менчиктин ролу кандай болушу керек?

**Сунуш кылынган адабияттар.**


1. Койчуев Т. Избранные сочинения в 3 томах. – Том 3. Экономика Кыргызстана на переломном этапе. – Б.: ЦЭС при ПКР, ОО «Экономисты за реформу», 2007. – 301 с.
2. Койчуев Т. К. Избранное собрание сочинений. Том II. Постсоветская перестройка: теория, идеология, реа-

лии. – Б: ЦЭС при ПКР, ОО «Экономисты за реформу», 2007. – 336 с.
3. Калчакеева С. «Бифуркация в экономике Кыргызстана как тренд 2011 года» // Доступно на сайте Открытый Кыргызстан www.open.kg/ru/analytics/?id=218

**Сунушталуучу ресурстар.**

1. КР Финансы министринин расмий сайты www.minfin.kg
2. Борбордук Азиядагы эркин базар институту. Расмий сайты freemarket.kg/publications

## Тема 14. Жеке менчик деген эмне?

**Жеке менчик** – менчиктин бир түрү, юридикалык же физикалык жактардын, топтордун жеке менчикке болгон укугунун мыйзам тарабынан корголуусу. Жеке менчиктин түрүнө индивидуалдык, корпоративдик, акционердик жана башка мамлекеттик эмес менчиктер кирет.

Википедия эркин энциклопедиясынын материалдары

Жеке менчик укугу жарандарга бир катар мүмкүнчүлүктөрдү берет. Алардын биринчилери болуп өзүнө тиешелүү менчикти каалагандай пайдалануу (Кыргыз Республикасынын Жарандык Кодексинин 222-беренеси). Конституцияга ылайык Кыргыз Республикасында менчик мамлекеттик жана жеке болуп бөлүнөт. Кыргызстан менчиктин ар түрдүүлүгүнө жана алардын тең корголуусуна кепилдик берет. Бул абал Жарандык Кодекстин 223-беренесинде бекитилген жана менчик мамлекеттин юридикалык тараптын же жарандардын карамагында болот. Жеке менчик **индивидуалдык**, **жалпы** жана **коллективдүү** болуп үч түргө бөлүнөт. Жеке менчик жарандардын жана юридикалык тараптардын гана жеке кызыкчылыктары үчүн кызмат кылууга багытталган.

Жеке менчикке ээ болуу аны колдонуу жана өнүктүрүү базар экономикасынын кыймылдаткыч күчү болуп саналат. Себеби азыркы дүйнөдө жеке менчиксиз инвестициялар жана жаңылануулар мүмкүн эмес. Жеке менчик, менчик ээсине мамлекет кийлигишбеген – өзгөчө эркиндик чөйрөсүн түзөт. Ошондой эле, жеке менчик, менчик ээлеринин ортосундагы мамилелерди, эркиндик чектерин белгилеп турат. Жеке менчик башкалардын мажбурлоосунан эркин болгон адамдын бардык коомдогу активдүүлүгүн көрсөткөн шарттуу белгиси болуп калат. Жеке менчик системасында чечүүчү ролду мый-

замдуулуктун аткарылышы ойнойт. Мыйзам, менчик укугуна болгон коопсуздукту камсыз кылат жана юридикалык, физикалык тараптардын кабыл алган коммерциялык чечимдерине ишеним берет, алган кирешелеринин сакталышына жана узак мөөнөткө пландаштырууга кепилдик берет. Азыркы мезгилде КР мыйзамдарында жана Конституцияда жеке менчик укуктук жактан бекемделген. Ошого карабастан Кыргызстанда жеке менчик институту жеткиликтүү деңгээлде өнүкпөй келе жатат.

**Жеке менчиктин өнүгүүсүнө төмөнкү көйгөйлөр тоскоолдук кылууда:**

- Менчиктен оңой эле ажырап калуу мүмкүнчүлүгү;
- Көз карандысыз сот бийлигинин жоктугу.

2010-жылкы 27-июндагы референдумда жаңы Конституция кабыл алынып, анда жеке менчик кол тийгис, эч ким өз менчигинен ажыратылбайт, менчиктен ажыратуу соттун чечими менен гана иш жүзүнө ашырылат деген нормалар бекитилген.

**Жаңы Конституцияга ылайык төмөнкү учурларда менчик ээси, менчигинен ажыратылышы мүмкүн:**

- улуттук коопсуздуктун кызыкчылыгын коргоо максатында, коомдук тартипти, саламаттыкты сактоодо жана калктын коомдогу жүрүш-турушун жана башка тараптардын эркиндигин жана укугун коргоодо мыйзамдарда көрсөтүлгөндөй кээ бир учурларда менчигинен соттун чечимисиз ажыралышы мүмкүн. Ошол эле учурда мындай ажыратуулар милдеттүү түрдө соттун кароосунан өтүүгө тийиш;

- коомдун керектөөсү үчүн соттун чечими менен менчигинен ажыратылгандарга, мамлекет тарабынан чыгым тарткан менчик ээсине, менчигинин баасына жараша акчалай төлөмдөр берилет;
- жарандардын жана юридикалык жактардын менчигинде турган мүлктөрдү мамлекеттик менчикке алуу (мамлекеттештирүү), ал бул мүлктүн жана башка чыгашалардын наркын төлөп берүү менен мыйзам негизинде жүргүзүлөт.

2010–2011-жылдары убактылуу өкмөттүн чечими менен 40ка жакын объектер улутташтырылган. Алардын арасында өнөр-жай объектилери, энергетика секторуна жана уюлдук тармагына тиешелүү ишканалар, Ысык-Көлдүн жээгиндеги бир нече пансионаттар, эс алуу зоналары жана жер тилкелери бар. Бул улутташтыруунун негизинде Өкмөттүн мындай саясаты чет элдик инвесторлорго терс таасирин тийгизип, кээ бирлери Кыргызстандан чыгып кетишкен. Кыргызстан ишкерлер Кеңешинин маалыматы боюнча 2010-жылдын апрелинен август айына чейин Кыргызстанга пландаштырылган 300 млн. доллардык инвестиция коңшу Казакстандын экономикасына жумшалган. Башка сөз менен айтканда, мамлекет жеке менчикке болгон мамилесин түп тамырынан бери өзгөртүүсү керек.

Кийинки маанилүү көйгөйлөрдүн бири, өлкөдө көз карандысыз сот бийлигинин жоктугу. Себеби, көз карандысыз сот бийлиги жеке менчиктин өнүгүүсүнө чоң таасир тийгизе алат. Кыргызстандагы сот системасы, саясий жана экономикалык талаш-тартыштарды бейтарап арбитр катары чече албайт. 2005, 2010-жылкы саясий кризистерден чыгуу себептери да мына ушул адилетсиз сот чечимдери менен байланыштуу. Азыр деле, мурдагыдай эле сотторго расмий эмес түрдө айрыкча «телефон укугу» деп аталган таасир көрсөтүүлөр чоң

көйгөйлөрдү жаратууда. Жөнөкөй жарандар үчүн эң чоң көйгөй болуп сот системасындагы паракорлуктун жогорку деңгээли эсептелинет. Соттордун финансылык жана социалдык жактан корголбогондугу, айлык-акынын аздыгы паракорлукка жол ачууда. Сот процесстеринин узак мөөнөттөргө созулушу, аларга болгон ишенимди кетирүүдө. Сотторго басым жасоону токтотуу, алардын иштерин эффективдүүлүгүн көтөрүү сот системасында өз алдынча башкарууну жакшыртууга өбөлгө түзөт. Ошондой эле эл тарабынан шайланган өкүм чыгаруучу өкүлдөрдүн, соттордун жардамчылар институтун киргизүү сот системасынын өнүгүүсүнө оң таасирин тийгизмек. Соттордун иштерине кийлигишип, адилеттүү чечим алууга ар кандай тоскоолдуктарды жараткан мамлекеттик органдардын, жогорку кызматтагылардын жоопкерчилиги мыйзам чегинде каралыш керек.

**Жеке менчиктин өнүгүүсүнө таасирин тийгизип жаткан көйгөйлөрдү чечүүнүн жолдору:**

- мыйзамга карама-каршы келген, улутташтыруу аркылуу жеке менчиктен ажыратуу жолдорун токтотуу;
- мамлекет тарабынан мажбурлоо жолу менен жеке менчиктен ажыратууда, так критерийлерди иштеп чыгуу. Атайын мыйзамдарды кабыл алууда (улутташтыруу, коомдун керектөөсү жөнүндө ж. б.) адилеттүү компенсация төлөп берүү;
- кылмыштуу топтордун жеке менчикти басып алууларын (рейдерство) өзгөчө кылмыш катары кароо;
- жабыркаган жарандар үчүн бюджеттин эсебинен чыгымдарын кайтарып берүү менен чиновниктердин жеке жоопкерчиликти сезе билүү практикасын киргизүү. Мамлекет регрессивдик тартип менен жабыркаган жарандарга бюджеттен берилген каражатты туура эмес чечим кабыл алып, күнөөлүү деп табылган же-

текчилердин эмгек акысынын чыгымдалган суммадан кайтарып алуусу;
- сотторду материалдык-техникалык жактан камсыздоо менен соттун өзүн-өзү башкарууну киргизүү аркылуу соттордун көз карандысыздыгын камсыз кылуу, каржы маселесин чечүү;
- өкүм чыгаруучу туруктуу өкүлдөр (присяжные заседатели) институтун киргизүү, аларды адилеттүү тандоо жана көз карандысыздыгын коопсуздугун камсыздоо;
- сот процессинин ар тараптуу, толук жүрүүсүнө тоскоолдук кылган чиновниктерди кылмыш жоопкерчилигине тартуу жана кызмат ордунан бошотуу тажрыйбасын киргизүү.

Кабыл алган чечимдеринин сапаттуулугу үчүн сот тарабынан жокко чыгарылган чечимдердин бекитилген санын аныктоо, ар бир каалоочу сот чечимдери менен тааныша ала турган маалымат базасын түзүү аркылуу соттордун жоопкерчилигин көтөрүү.

**Ойлонуу үчүн суроолор:**

1. Сиздин оюңузча Кыргызстанда жеке менчик тармагы эмне үчүн жакшы өнүгө албай жатат?
2. Кыргызстанда менчиктин кандай түрлөрү бар?
3. Жеке менчикти өнүктүрүү үчүн кандай көйгөйлөрдү чечүү керек?

**Пайдалуу ресурстар:**

1. Борбордук Азиядагы эркин базар институту freemarket.kg/publicftions
2. Кыргыз Республикасынын Жарандык Кодекси www.toktom.kg
3. Кыргыз Республикасынын Конституциясы www.toktom.kg

## Тема 15. Жарандык коом деген эмне?

Акыркы 50 жыл аралыгында дүйнөнүн көпчүлүк өлкөлөрүндө жарандык коомдун болушу мамлекеттин өнүгүүсүнө оң таасирин тийгизип, демократиялык туруктуулуктун негизги шарттары катары каралууда. Окумуштуулар арасында жарандык коомдун жүздөн ашуун аныктамалары бар. Анын негизин демократия менен жарандык коомдун ортосундагы өз ара байланыштар түзөт. Ошентип, жарандык коом деген эмне?

**Жарандык коом** – бул өз алдынча уюшулган ортомчу топтордун системасы катары:

- мамлекеттик бийлик органдарына, ошондой эле мамлекеттик эмес өндүрүш бирдиктерине, фирмаларга жана үй-бүлөлөргө салыштырмалуу түрдө көз каранды эмес;
- өздөрүнүн кызыкчылыктарын коргоодо, максатына жетүүдө, жамааттык акцияларды пландаштырууга жөндөмдүү;
- мамлекеттик түзүлүштү, жеке өндүрүүчүлөрдү алмаштырганга же мамлекетти башкарууну өз колдоруна алууну көздөшпөйт;
- жарандык же укуктук нормалардын чегинде иш алып барат.

Шмиттер Ф. «Жарандык коом жөнүндө ой жүгүртүү жана демократиянын биримдиги» // www.gumer.info/bibliotek_Buks/Polit/Hrestom/31.php

**Мына ошентип, жарандык коом төмөнкү төрт критерийлердин болушун карайт:**

а) эки түрдүү болгон автономия;
б) жамааттык аракеттер;
в) башкалардын укуктарын мыйзамсыз тартып албоо;
г) жарандуулук (анг. термин – civility).

**Жарандык коомдун эң негизги максаты – мамлекеттин саясатына таасир көрсөтө алуу болуп саналат.** Жарандык коомдун катышуусу менен бийликтин мыкты чечимдерди кабыл алуусуна шарт түзүлөт, анткени жарандык коом социалдык топтордун ичиндеги үмүт-тилектерди, керектөөлөрдү аныктап, түзүп, турукташтырат. Анын натыйжасында бийлик такталган, туура, жарамдуу маалыматтарга ээ болуп, башкаруу процессинде аларга таянуу менен иш алпарат.

Жарандык коомдун дагы бир маанилүү функциясы – бул жаранды социалдаштыруу милдети. Бул жаранга жарандык жүрүм – турумдардын нормалары жөнүндө түшүнүктү берет, өз каалоолорун билдирүүгө жана өзүн-өзү идентификациялоого шарт түзөт. Ошондой эле жарандык коомдун дагы бир милдети – ал өз мүчөлөрүнүн жүрүм-турумдарын жөнгө салып турат. Бир катар оң жактарына карабастан, жарандык коом кандайдыр бир деңгээлде демократиялык процесстердин өнүгүүсүнө тоскоолдук кылып коюшу да мүмкүн.

Шмиттер Ф. өзүнүн изилдөөлөрүндө белгилегендей, «кээде жарандык коом, өлкөнүн саясий турмушуна татаал, чырмалышкан компромисстер системасын киргизишет. Натыйжада туура эмес саясий багыт кабыл алынып, аны менен эч ким тилектеш болбой калат. Эң коркунучтуусу – жарандык коом жалгыз эмес, бир нече коомдон туруп калган учурда алар бир эле аймакты, бир эле политияны ээлеп алышы мүмкүн. Ошондой эле бирине дал келбеген этникалык, маданий

коомдоштуктар сындуу умтулууларды жана кызыкчылыктарды уюштурушу мүмкүн».

Азыркы учурда жарандык коомдун ролу бир топ өстү. Мисалы, шайлоолорду өткөрүүдө жарандык коом шайлоолордун таза, ачык өтүшүнө активдүү катышат. Шайлоонун жыйынтыгына өз бааларын беришет, айрым чечимдерди кээде кайра карап чыгууну талап кылышат. Кыргызстанда жарандык коом тарабынан ар кандай акциялар өткөрүлөт. Мисалы, 2007-жылдагы парламенттик шайлоолордон кийин «Мен ишенбейм» деген акция өткөрүлгөн. Мамлекеттин кабыл алган чечимдерине баа берүү менен жарандык коом өз ойлорун билдиришет. (Мисалы, 2007-жылы жарандык коомдун басымы менен Кыргызстан ХИПИК программасына киргизилген эмес).

Жарандык коом мамлекеттин чечимдерин көзөмөлдөп, «экспертизадан» өткөрүп турат. Ошону менен бирге жарандык коомдун маанилүү милдеттеринин бири – бул коомдук көз караашты ЖМКлар аркылуу калыптандыруу болуп саналат.

Жарандык коом бийликти мыйзамсыз түрдө басып алууга жол бербөөгө жана өз убагында коомчулукту кабарлап турууга кол кабыш кылат. Жарандык коом адам укугун коргоодо индикатор катары кызмат кылып, жамааттык акцияларды уюштуруу аркылуу ишке ашырат.

**Ой жүгүртүү үчүн суроолор:**

1. Жогорудагы Шмиттердин жарандык коом боюнча аныктамасына ылайык, ал кайсы уюмдардан түзүлүшү мүмкүн?

2. Кыргызстандагы жарандык коомго кандай мүнөздөмө бере аласыз?
3. Кыргызстандын саясий  коомдук турмушуна жарандык коомдун катышкандыгы жөнүндө эмнелерди билесиз? Мисал келтиргиле.

**Сунушталуучу адабияттар:**


1. Современные тенденции и перспективы развития НПОсектора в Кыргызстане (Материалы круглых столов). Изд.: ЦСИ АУЦА, Фонд Сорос-Кыргызстан. Бишкек 2007, (электронная версия сборника доступна по адресу – src.auca.kg/images/stories/files/soros_bulletin_rus_1.pdf).
2. Шмиттер Ф. Размышления о гражданском обществе и консолидации демократии // Полис. 1996. № 5. С. 16—27.
3. Мурзакулова А., Ногойбаева Э. Гражданское общество в Кыргызстане: поиск своей идентичности http://elibrary.auca.kg:8080/dspace/bitstream/123456789/477/1/SRC_NGO_rus.pdf


**Сунушталуучу ресурстар:**


1. Жарандык коом жана демократия үчүн коалиция // Расмий сайт www.coalition.kg
2. Эл аралык борбор «Интербилим» // Расмий сайт www.interbilim.org.kg/ru/
3. «Кылым шамы» Адам укугун коргоо борбору // Расмий сайт kgh.kg/
4. Укук коргоочу борбор «Жарандар коррупцияга каршы» // Расмий сайт anticorruption.kg
5. Коомдук фонд «Адилет» укуктук клиникасы// Расмий сайт adilet.kg/
6. Либералдуу жаштар клубу // Расмий сайт liberal.kg/

## Тема 16. Кыргызстандагы шайлоо институттары

**Суроо:** Демократиялык башкаруу системасы чындыгында кандайча иштейт?

**Жөнөкөй жооп:** Элдин эркине ылайык

**Татаалыраак жооп:** Чектелген белгисиздиктин шартында иш алпарган саясатчылардын жамааттык эркине ылайык

Саясий партияларды, саясатчыларды, өкүлдөрдү жеригиликтүү бийлик органдарына тандоо олуттуу жана узак мөөнөттүү кесепеттерге алып келет. Электоралдык механизмдердин аркасында шайланган адамдар мамлекеттин саясий багытын аныктаган жана чечим кабыл алган өкмөттүн деңгээлине көтөрүлөөрү менен экономикалык өсүүнүн темпине, кирешелерди жана байлыктарды бөлүштүрүүгө, билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүнө, өлкөнүн атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүнө, инвестициялык активдүүлүгүнө таасир эте баштайт.

Шайлоолор демократиянын курамдык бөлүгү болуп саналат, демек, шайлоолор элитанын жаңыртылып турушун, саясий платформалардын атаандаштыгын, ар кайсы саясий топтор үчүн бийлик бутактарынын ачык болушун, калктын бардык социалдык катмарлары үчүн ресурстардын бирдей деңгээлде жеткиликтүү болушун камсыз кылып берүүсү керек.

Кыргызстанда, 22 жыл ичинде шайлоо институту чоң өзгөрүүлөргө дуушар болду. Президентти, депутаттарды шайлоодо мажоритардык, пропорционалдык жана аралаш шайлоо системалары колдонулуп келди.

2011-жылы кабыл алынган «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо» жөнүндөгү мыйзамы шайлоо процессесинин жүрүшүн жөнгө салуучу негизги доку-

мент болуп саналат. Бул мыйзамга чейин «Кыргыз Республикасындагы шайлоолор жөнүндө» мыйзамы колдонулуп келген, бирок ал 2005-жылдын 24-марттындагы жана 2010-жылдын 7-апрелиндеги саясий өзгөрүүлөрдөн кийин бир канча толуктоолорго жана өзгөртүүлөргө дуушар болгон.

2011-жылы кабыл алынган «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо» мыйзамы пропорционалдык шайлоо системасын киргизип, саясий партиялардын шайлоого катышуусуна жол ачты жана өлкөдө парламенттик системаны өнүктүрүүгө багытталды. Референдум өткөрүлүп, президенттин башкаруу мөөнөтү 5 жылдан 6 жылга узартылды жана экинчи мөөнөткө шайлануу укугунан ажыратылды.

Шайлоо мыйзамдарын реформалоодо эл аралык нормалар эске алынды жана жарандык саясий укуктар толук камсыз кылынды. Шайлоо мыйзамдарын реформалоо учурунда көптөгөн эл аралык консультанттар, кадыр-барктуу эл аралык уюмдар чакырылды (мисалы, Венеция комиссиясы, ЕККУ, ЕКПА). Натыйжада, шайлоо мыйзамына ылайык, калктын кээ бир топторуна, аялдарга, этносторго, жаштарга квота берилди.

Квотанын киргизилишинин негизги максаты – бийликтин түзүмдөрүндө аялдардын, жаштардын саны өтө эле аз санда болгондуктан, алардын санын көбөйтүү эле. Бирок, квотанын киргизилиши түзүлгөн кырдаалды өзгөртө алган жок. Парламенттин сапаты эч өзгөрүүсүз бойдон калууда. Эксперттердин арасында, коомчулукта квота жөнүндө ар кандай карама-каршы ойлор айтылууда. Квотанын жыйынтыгы, мүмкүн, кандайдыр бир мезгил өткөндөн кийин билинер, аны убакыт көрсөтөт.

Демократия шайлоолордун өз мөөнөтүндө өтүүсүн камсыздайт жана добуштарды эсептөөдө чындыкка негизделет

деген пикир жашап келет. Бирок, бул пикирди адашуу катары баалаtа болот, анткени, аны саясатчылар «Электорализм» деп аташат. Шайлоолор эч убакта таза өткөрүлгөн эмес. Тилекке каршы, Кыргызстанда бир да шайлоо процесси кемчиликсиз өткөн жок. Шайлоо процессиндеги одоно мыйзам бузууларга төмөнкүлөр кирет:

- шайлоочулардын добушун сатып алуу;

- добуш берүүнүн жыйынтыгын бурмалоо жана шайлоону туура эмес өткөрүү;

- бир эле адамдын кайра-кайра добуш берүүсү («Айлампа» ыкмасын колдонуу);

- маалымат алууга мүмкүнчүлүктү атайылап чектөө (мисалы, оппозициялык маанайдагы гезиттерди, айталы, 2005-жылдагы парламенттик шайлоо учурунда «Республика», «МСН», «Агым» гезиттерин таратууга тыюу салуу);

- оппозициялык маанайдагы талапкерлердин мүмкүнчүлүктөрүн чектөө.

- оппозициянын шайлоочулар менен жолугуусуна тоскоолдук кылуу.

Демек, шайлоонун өзү, партиялык тизмелерди квоталаштыруу системасы коомдун мыкты өкүлдөрүнүн бийликке келишине кепилдик бербейт. Кээ бир шайлоочулар өлкөнүн кызыкчылыгынан өзүнүн жеке кызыкчылыгын жогору коюп, шайлоодон аз да болсо пайдаланып калууну көздөшөт. Туугантчылык, жердешчилик принциптерге басым жасалып, бул коррупциянын өсүшүнө, экономикалык популизмге, экономикада атаандаштыктын төмөндөшүнө, инвестициялык климаттын начарлап кетишине алып келет. Шайлоо мыйзамдары өзгөртүлүп, алдыңкы жетишкендиктер менен толукталып бийликке коомдун мыкты өкүлдөрү келет деген кепилдикти бере албайт. Шайлоо процессиндеги маанилүү элемент-

тердин бири – шайлоолордун жыйынтыгын бурмалоого жол бербөө, себеби, бул коомдогу социалдык бейстабилдүүлүккө алып келээрин 2005, 2009–2010-жылдардагы шайлоолор көрсөттү. Ушундай кемчиликтердин алдын алуу үчүн жарандык көзөмөл жана аң-сезимдүү компетенттүү жарандык тандоонун болушу Кыргызстан үчүн өтө маанилүү болуп саналат.

**Ой жүгүртүү үчүн суроолор:**

1. Өзүңөрдүн шайлоолорго катышкан тажрыйбаңарды талдап көргүлө, бул процесс эмнелерден турат? Сиздин көз карашыңыз боюнча?
2. Шайлоочу катары өз оюңузду калыптандырууда эмнеге көңүл буруу керек?
3. Шайлоого катышпай коюу кандай кесепеттерге алып келүүсү мүмкүн?

**Шайлоо чөйрөсүндөгү мыйзамдар:**

1. КР Конституциясы, 2010-жылдын 27-июнунда жалпы элдик референдумда кабыл алынган;
2. «КР Президентин жана КР Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо» конституциялык мыйзамы (КР конституциялык мыйзам чыгаруу редакциясы, 2011-ж. 25-ноябры, № 221);
3. «Жергиликтүү Кеңештин депутаттарын шайлоо» КР мыйзамы, 2011-ж. 12-октярындагы №170);
4. «КРде шайлоолорду жана референдумдарды өткөрүү боюнча шайлоо комиссиясы жөнүндө». 2011-жылдын 24-июнунда Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынган;
5. Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодексинен көчүрмө. Өзгөчө бөлүм, 7-бап, Адамдын укугун жана эркиндигин бузууга аракет жасоо, администра-

тивдик укук бузуучулук, 49–60-беренелер.

**Сунушталуучу ресурстар:**

1. КРдин шайлоолорду жана референдумдарды өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы // Расмий сайт www.shailoo.gov.kg/
2. ЕККУнун адам укуктары жана демократиялык институттары боюнча бюросу // Расмий сайт www.osce.org/odihr
3. Эл аралык шайлоо системасынын фонду IFES
4. «Журналист» Коомдук аассоциациясы// Расмий сайт monitoring.kg

## Тема 17. Кыргызстандагы саясий партиялар

2012-жылдын февраль айына карата Кыргызстанда расмий түрдө 163 саясий партия катталган. Бул КМШ чөлкөмүндөгү эң көп көрсөткүч, анткен менен партиялардын саны сапатына татыбайт. Партиялардын мынчалык көп санда болушу саясий максаттарга жетүүгө болгон аракет менен түшүндүрүлөт. Саясий процесске аралашкан бардык уюмдардын негизги максаты – бийликке жетүү. Саясий партиялар да ушул эле принцип менен келе жатышат.

Саясий партиялар парламентке өтүү максатында шайлоочулардын добушу үчүн күрөшүп, президенттик шайлоолордо жеңишке жетишип, өлкөнү өнүктүрүүгө өз салымдарын кошуш керек эле. Тилекке каршы, иш жүзүндө алар башка иштер менен алектенүүдө. Кыргызстандагы саясий партиялар калыптануу процессин башынан өткөрүп жаткандыктан, азырынча ири коалицияларга бириге албай жатышат. Алар баштапкы түзүлүшү кандай болсо, ошол калыпта эле сакталып келе жатат.

Кыргызстандагы саясий партиялардын бири да массалык мүнөзгө ээ эмес. Саясий партиялар калктын белгилүү бир социалдык катмарларынын кызыкчылыктарын көздөшпөйт, тескерисинче, ар кандай категориядагы шайлоочуларды өздөрүнүн катарына тартып, санын көбөйтүүгө аракет жасашууда. Тилекке каршы, партиялардын программалары, идеялык багыттары жок болгондуктан, формалдуу мүнөздө гана берилген. Ошондуктан, партия менен элдин ортосундагы өз ара аракеттер шайлоолор учурунда гана ЖМКнын жардамы менен түзүлүп, ал эми партиянын уюштуруучулук ролу бул процессте өтө төмөн бойдон калууда.

Белгилей кетчү нерсе, партиялык системанын начардыгы саясий системанын өнүкпөй калышына да алып келиши мүмкүн. Кыргызстанда алгачкы коомдук саясий уюмдар 1991-жылдан тартып түзүлө баштаган. Кыргызстан демократиялык кыймылы өлкөдө көп партиялуулукка түрткү берип, 30га жакын уюмдардын башын бириктирген («Асаба», «Ашар», «Мемориал» клубу, «Славянский фонд» улуттук маданият борбору, Кыргызстан социал-демократтары ж. б.).

1990-жылдагы парламенттик шайлоолорго партиялар катышкан эмес, себеби ошол кезде бул үчүн нормативдик негиздер жок болчу (партиялар каттоодон өткөн эмес). 1995-жылы мажоритардык система менен бир мандаттык округдар боюнча Жогорку Кеңештин биринчи чакырымы шайланган. Жогорку Кеңеш 2 палаталык парламенттен турган: Мыйзам чыгаруу (45 депутат) жана Эл өкүлдөр палатасы (35, анан 65 депутат). 2000-жылдагы шайлоолордо 12 партия 32 орунга ээ болгон (30%). Мына ушундан тартып партиялык түзүлүшкө болгон кызыгуу күч алган. Жаңы партиялар көп каттала баштаган.

1995-жылы 11 партиянын ичинен парламентке 9 партия өткөн. 2000-жылдагы парламенттик шайлоодо 5 партия жеңип чыккан. Коммунисттер партиясы, Кыргызстан социал-демократтары партиясы, ПЕК, «ЭрК» жана «Ата-Мекен» партиялары кайрадан жеңишке ээ болушкан.

2000-жылы парламент жаңы партиялар менен толукталды, алардын катарында «Адилет», «Афган ардагерлеринин партиясы», «Менин өлкөм», «Эл партиясы» бар эле. Шайлоо мыйзамынын өзгөртүлгөндүгүнө байланыштуу партиялык системанын өнүгүүсүндө синектик мезгил орноп, 2005-жылдагы парламенттик шайлоодо кайрадан бир мандаттуу округдарда мажоритардык система киргизилип, бул пар-

тиялардын парламентке кирүү мүмкүнчүлүгүн азайтып жиберди. 2005-жылы парламентке төрт гана партиянын өкүлдөрү өткөн. «Алга Кыргызстан» (13-орун), «Адилет» (2-орун), «ККП» (1-орун), «Новая сила» (1-орун).

2005-жылдардагы шайлоолордон кийин «бийликтин партиясы» деген тенденция күч ала баштады. Мисалы, А. Акаевдин демилгеси менен түзүлгөн «Алга Кыргызстан» партиясы саясий күчтөрдү топтоштуруп, оппозициялык саясатчыларды парламентке киргизбөөгө аракет жасай баштады. «Алга Кыргызстанга» салыштырмалуу Бакиевдин тушунда түзүлгөн «Ак Жол» партиясы саясий системада коркунучтуу тең салмаксыздыкты алып келди. Бул партиянын жетекчилеринин бийлиги, ыйгарым укуктары бир топ кеңейтилген. Мындай партиянын түзүлүшү бийликти бөлүштүрүүнүн конституциялык принцибине туура келбейт. Парламенттик көпчүлүктү түзгөн «бийликтин партиясы» катары аткаруу бийлигин же президентти көзөмөлдөөнү токтоткон.

2010-жылдын 7-апрелиндеги окуялардан кийин партиялык түзүлүштө түп-тамырынан бери өзгөрүүлөр башталган. Жүргүзүлүп жаткан конституциялык реформа боюнча Кыргызстан парламенттик республика болуп түзүлүп жана 100% пропорционалдык шайлоо системасы кабыл алынган. Бир партия 120 мандаттын 65ин гана алууга укуктуу деген конституциялык норма киргизилген, бул норма парламенттин көп партиялуу болуусуна кепилдик берген жана бир партиянын колуна бийликтин топтолушу мүмкүн эмес экендигин тастыктаган. Натыйжада Жогорку Кеңешке ат салышкан 29 партиянын ичинен 5 партия парламентке өткөн: «Ата-Журт» (28-орун), «КСДП» (26-орун), «Ар-Намыс» (25-орун), «Республика» (23-орун), «Ата-Мекен» (18-орун).

Жаңы саясий система партияларга өз программаларын аткарууга кеңири мүмкүнчүлүктөрдү берди. Көп мандатка ээ болгон партиялар коалицияга биригип, өкмөттү түзүү мүмкүнчүлүгү берилди. Кыргызстанда көп партиялык система түзүлдү, бирок партиялардын жарандык коомдун маанилүү институтуна айланышы үчүн дагы көп убакыт талап кылынат. Жалпы улуттук саясий партияларды түзүү аркылуу көп партиялуу чыныгы саясий системаны түзүү керек. Өлкөнүн саясий маданиятынын деңгээлин партиялардын рейтингине карап баалоого болот. Кыргызстандын азырынча партиялык негизде түзүлгөн чыныгы парламентаризмдик тажрыйбасы жетишсиз. Жарандык коомдун тажрыйбасына жетишүү татаал жана оор милдет болуп саналат.

**Ой жүгүртүү үчүн суроолор:**

1. Сиз кандай саясий партияларды билесиз жана сиздин көз карашыңызда алардын айырмачылыгы эмнеде?
2. Саясий платформа деп эмнени түшүнсө болот?
3. «Бийлик партиясы» деген эмне, анын иштеши боюнча кандай мисалдарды келтире аласыз?
4. Парламенттик жана президенттик моделдерде саясий партиялардын ролу кандай?

**Сунушталуучу адабияттар:**


1. Акунова А. А. Партийные фракции Европарламента и Жогорку Кенеша: принципы образования// Вестник КРСУ. Том 11. Вып. №2. 2011. 86
2. Ибраимов Т. Институционализация политических партий в Кыргызстане: факторы влияния // Вестник АУЦА №1 2006. С.48-60
3. Ибраимов Т., Искакова Г. Политические партии Кыргызстана: Справочник. Бишкек, 2000.

4. Ормонбеков Ж. Опасные повороты на пути к парламентаризму: мажоритаризм или консенсус? // Институт общественной ipp.kg/ru/news/854/
5. Таабалдиев К. «Развитие парламентаризма зависит от того, насколько кыргызстанцы готовы отстаивать свой выбор» // Институт общественной политики ipp.kg/ru/news/2164/

**Сунушталуучу ресурстар:**


1. КСДП // Расмий сайт www.sdpk.kg
2. Ата-Журт // Расмий сайт www.atajurt.kg
3. Ар-Намыс// Расмий сайт www.ar-namys.org
4. Ата-Мекен// Расмий сайт www.atameken.kg
5. Бүтүн Кыргызстан// Расмий сайт bytyn.kg
6. Республика // Расмий сайт republic.kg/ru

## Тема 18. Кыргызстандагы этномаданияттын көп түрдүүлүгү: жетишкендиктер жана проблемалар

> Тигил же бул коом маданий (этностук, тилдик, диний, расалык) айырмачылыктарга кандай маани берет жана бул айырмачылыктар кайсы максатта колдонулат?
>
> Тишков В

Жарандык жалпылык проблемасы, саясий-маданий чөйрөдөгү адамдын өзүн-өзү идентификациялык дал келүүчүлүк мамилелери менен тыгыз байланышкан. Адамдын өзүн -өзү идентификациялоосу боюнча көптөгөн жыйындылары бар, ал өзүнө ар кандай мүнөздөмөлөрдү камтыйт.

**Схема №6. Көп түрдүүлүк айланасы[2].**





2 Схемалар төмөнкү материалдардан алынды: Гармонияга көп түрдүүлүк аркылуу: Мамлекеттик башкаруунун ролу// LGI программасынын журналы, Күз 2004-ж. 8-б. Схемаларда «раса» деген түшүнүк – адамзаттын төрт расасын билдирген антропологиялык термин катары эмес, тигил же бул урууга, улутка же этноско тиешелүүлүгүн аныктаган кеңири түшүнүктү билдирет

## Көп түрдүүлүктүн алгачкы параметрлери




## Көп түрдүүлүктүн экинчи параметрлери



Этникалык көп түрдүүлүктү башкаруу боюнча мамлекеттик жөнгө салуу чөйрөсүндөгү теориялык жана практикалык аныктамалардын өнүккөнүнө карабастан 2010-жыл август айына чейин Кыргызстанда этникалык көп түрдүүлүккө спецификалык багыт катары мамлекеттик деңгээлде көңүл бурулбай келген. Мына ушундан кийин президенттик аппаратта, этникалык, диний саясат жана алардын граждандык коом менен өз ара аракеттерин аныктоочу бөлүм түзүлгөн.

Кыргызстан көп этностук мамлекет болгондугуна карабастан, көп түрдүүлүктү башкаруу чөйрөсүн мамлекеттик жөнгө салууда институтташкан система түзүлгөн эмес, көбүнчө мамлекеттик саясаттын башка багыттары – билим берүү, маданият, улуттук идеологияны калыптандыруу демилгеси аркылуу – иш жүзүнө ашырылып келген. Бирок, тилекке каршы, бул ыкма жакшы натыйжаларга алып келбейт. Ошондой эле мамлекеттин чечимдери талданбай, этностор аралык мамилелер системасыз баш аламан түзүлүп, көпчүлүк учурда унчукпоо саясатынын принциптери колдонулуп келген.

## Кыргызстандын калкынын демографиялык түзүмү

## Кыргызстанда туруктуу жашаган калктын айрым улуттар боюнча саны

(2009-жылдагы элди каттоонун материалдарынын негизинде берилген таблица. Китеп 1. Калктын негизги социалдык-демографиялык мүнөздөмөлөрү жана турак-жай бирдигинин саны – Бишкек, «Учкун» ААК, 2009-ж.)

| | Миң адам | | Жыйынтык % боюнча | |
|---|---|---|---|---|
| | 1999 | 2009 | 1999 | 2009 |
| Бүт калк | 4822,9 | 5362,8 | 100 | 100 |
| Кыргыздар | 3128,1 | 3804,8 | 64,9 | 70,9 |
| Өзбектер | 665,0 | 768,4 | 13,8 | 14,3 |
| Орустар | 603,2 | 419,6 | 12,5 | 7,8 |
| Дунгандар | 51,8 | 58,1 | 1,1 | 1,1 |
| Украиндер | 50,4 | 21,9 | 1,0 | 0,4 |
| Уйгурлар | 46,9 | 48,5 | 1,0 | 0,9 |
| Татарлар | 45,4 | 31,4 | 0,9 | 0,6 |
| Казактар | 12,7 | 33,2 | 0,9 | 0,6 |
| Тажиктер | 42,6 | 46,1 | 0,9 | 0,9 |
| Түрктөр | 33,3 | 39,4 | 0,7 | 0,8 |
| Немецтер | 21,5 | 9,5 | 0,4 | 0,2 |
| Корейлер | 19,8 | 17,3 | 0,4 | 0,3 |
| Азербайжандар | 14,0 | 17,3 | 0,3 | 0,3 |
| Армяндар | 1,4 | 0,9 | 0,0 | 0,0 |
| Балкарлар | 1,5 | 1,3 | 0,0 | 0,0 |
| Башкырлар | 2,0 | 1,1 | 0,0 | 0,0 |
| Беларустар | 3,2 | 1,4 | 0,1 | 0,0 |
| Гректер | 0,7 | 0,5 | 0,0 | 0,0 |
| Грузиндер | 0,7 | 0,6 | 0,0 | 0,0 |
| Даргиндер | 2,7 | 2,4 | 0,1 | 0,1 |
| Калмактар | 5,8 | 4,2 | 0,1 | 0,1 |
| Карачайлар | 2,2 | 1,7 | 0,1 | 0,0 |
| Кытайлар | 0,9 | 1,7 | 0,0 | 0,1 |
| Күрддөр | 11,6 | 13,2 | 0,2 | 0,3 |
| Лезгиндер | 2,7 | 2,6 | 0,1 | 0,1 |
| Мордвиндер | 1,5 | 0,5 | 0,0 | 0,0 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Поляктар | 0,8 | 0,4 | 0,0 | 0,0 |
| Түркмөндөр | 0,4 | 1,4 | 0,0 | 0,0 |
| Цыгандар | 1,0 | 0,6 | 0,0 | 0,0 |
| Чечендер | 2,6 | 1,9 | 0,1 | 0,0 |
| Чуваштар | 0,9 | 0,3 | 0,0 | 0,0 |
| Башка улуттар | 15,6 | 10,5 | 0,4 | 0,2 |

Азыркы кыргыз коомчулугунда жарандык идентификацияга каршы күрөш барган сайын ачыкка чыгууда. Тилекке каршы, 2010-жылдагы Ош, Жалал-Абаддагы кандуу окуялар, экономиканын, элдердин жашоо деңгээлинин төмөндөшүнүн фонунда узакка созулган улуттар арасындагы чыңалуу, коомдогу карама-каршылыктын курчушунун өсүшүнө алып келди. Ошого карабастан, коомдо болуп жаткан процесстерди азыркы экономикалык проблемаларды саясий күрөштөн бөлүп кароого мүмкүн эмес.

Көп өлкөлөрдүн тажрыйбасы көрсөткөндөй, жарандык жалпылык менен күрөшүү репрессиялык жана ксенофобиялык саясатка кайра кайтууга түрткү берүүсү менен жалпы адамзаттын өнүгүүсүнө, туризм жана этномаданияттын обочолонушуна алып келет. Ошондой эле коомдун өнүгүүсүнүн импульсу болгон жаңы идеялардын, билимдин, тажрыйбалардын келбей калуусуна шарт түзөт.

Көп түрдүүлүктү башкаруу негизинен адам укуктарынын концепциясы жана адамдын маданий укуктары менен тыгыз байланышта болот. Белгилей кетчү нерсе, кээ бир оппоненттер ойлогондой, көп түрдүүлүк саясаты коомду чачырандылыкка, жаңжалдардын чыгышына, өнүгүүнүн басаңдашына же авторитардык башкарууга алып келбейт. Тескерисинче, бул саясаттын иш жүзүнө ашырылуусу менен коомдогу чыр -чатактардын азайышы, адам ресурстарынын топтолушу коомду өнүктүрүү максаттары үчүн жумшалат.

«Маданий көп түрдүүлүк» деген түшүнүктүн чордону болуп маданий бирикмелердин өздөрүнүн көп түрдүүлүк формасын таанышы, айырмачылыктардан көбүрөөк болгон окшоштуктарды, бирдейликти таанып, аларга демөөрчүлүк кылышы эсептелет.

Тишков В

**Бул чөйрөдөгү негизги проблемалар болуп төмөнкүлөр эсептелет:**

- этномаданияттын көп түрдүүлүгүн башкарууда мамлекеттик саясаттын жоктугу;
- мамлекеттик тилди жана расмий тилди колдонууда тең салмактуулук жана өз ара байланыш мамилелеринин саясатталып кетиши;
- миграциянын темпинин өсүүсү (ички жана тышкы миграция);
- коомдогу этноулутчулдук маанайдын көбөйүүсү.

Ошол эле мезгилде Кыргызстандагы түзүлгөн кырдаал постсоветтик республикаларга караганда бир топ жумшагыраак экендигин белгилеп коюу керек. Мисалы, 2010-жылы кабыл алынган Конституцияда мамлекет негизги басымды адам укуктарынын сакталышына жасаган, мында жарандын кайсы улуттун өкүлү экендиги мааниге ээ эмес.

Кыргызстанда этникалык топтордун билим алуусуна толук мүмкүнчүлүктөр бар (мисалы, тажик, өзбек тилинде окуткан мектептердин болушу). Өлкөдө 1424 орто мектептерде билим берүү кыргыз тилинде берилет. Мындан сырткары 203 орус, 91 өзбек жана 3 тажик тилдүү мектептер бар. Ошондой эле аралаш тилдүү мектептер дагы бар: кыргыз-орус тилдүү мектептердин саны - 346; кыргыз-өзбек тилдүүлөр - 67; кыргыз-тажик – 2; кыргыз - өзбек - орус – 22 ж. б.

Тилекке каршы, коомдогу бирдиктүү символдор жөнүндө талкуулар бир жактуу мүнөздө болгондуктан, азыркы Кыргызстандагы коомдук мамилелердеги социалдык реалдуулук эске алынбай калган. Жарандык идентификациянын тегерегинде медиалык жана коомдук риторикада барган сайын чыңалуунун күчөп баратышы байкалат. Мунун аркасында өлкөдө этностор аралык негизде жаңжалдардын болуу мүмкүнчүлүгү көбөйүүдө.

Этномаданияттын көп түрдүүлүгүнөн коомдун бүтүндүгүнө тескери таасир тийгизип жаткан көрүнүштөрдү чечүү үчүн узак мөөнөттүү чечкиндүү, натыйжалуу кадамдарды жасаш керек. Бул маселени чечүүгө мамлекеттин институттары, өлкөдөгү коомдук-саясий процесстин бардык катышуучулары жана жалпы жарандардын активдүүлүгү талап кылынат. Этникалык, гендердик, жаш курагына карата квоталык принциптер киргизилген позитивдүү көрүнүштөр кеңири кулач жайып, коомдук мамилелерге тереңирээк кириши зарыл.

Биринчи кезекте, ачык-айкын жана кеңири өткөрүлгөн коомдук дискуссиялар шартында мамлекеттин жана улуттун келечектеги образы кандай болушу керектигин аныктап алуу кажет. Бүгүнкү күндө ар түрдүү, кээде таптакыр карама-каршы келген көз караштар, анын ичинде – архаикалык – салттуу көз караштан тартып тыштан кабыл алынган көз караштарга чейин пикирлер айтылып келет. Кандай жолду тандап алуу көбүн эсе мамлекеттин азыркы күн тартибин түзгөн саясий топтордон жана ар бир жарандын ролунан, анын бул процесске катышуусунан жана жоопкерчилигинен көз каранды болот.

**Сунушталган адабияттар:**

1. Аналитический отчет «Политика управления этнокультурным многообразием в Кыргызстане: прошлое, настоящее, будущее?» // Мурзакулова А., Дятленко П. – Бишкек: Изд. Maxprint, 2012. Доступно www.center.kg
2. Доклад о развитии человека. Культурная свобода в современном многообразном мире //UNDP. – М.: «Весь Мир», 2004.
3. Конституция Кыргызской Республики, принятая на всенародном референдуме 27 июня 2010 г.
4. Международный пакт о гражданских и политических правах Принят резолюцией 2200 А (XXI) Генеральной Ассамблеи от 16 декабря 1966 года. Вступил в силу 23 марта 1976 года.// Доступно, Библиотека Гумер www.gumer.info/ ibliotek_Buks/Polit/Article/megd_pakt.php
5. Нации и национализм / Б. Андерсон, О. Бауэр, М. Хрох и др; Пер с англ. и нем. Л. Е. Переяславцевой, М. С. Панина, М. Б. Гнедовского — М.: Праксис, 2002.

**Сунушталуучу ресурстар:**

1. Аналитикалык борбор «Полис Азия» // Расмий сайт www.center.kg
2. Кыргызстан калкынын ассамблеясы//Расмий сайт www.assembly.kg/
3. «Эл аралык толеранттуулук үчүн» коомдук фонду// Расмий сайт www.fti.kg

**Кыскартылган сөздөрдүн тизмеси:**

АӨБ – Азия Өнүктүрүү Банкы

ДБ – Дүйнөлүк банк

ЖК – Жогорку Кеңеш ( Парламент )

КР – Кыргыз Республикасы

ЭВФ – Эл аралык валюта фонду

БКП – «Бүтүн Кыргызстан» партиясы

ЖМК – Жалпыга маалымдоо каражаты

КСДП – Кыргыз Социал-Демократиялык партиясы

ЭрК – «Эркин Кыргызстан» партиясы

ЕККУ - Европадагы Коопсуздук жана Кызматташтык Уюму

ЕКПА – Европа Кеңешинин Парламенттик Ассамблеясы

# Глоссарий

| | |
|---|---|
| **Абсентеизм** | – шайлоочулардын мамлекеттик органдарга шайлоого катышуудан, аскерде кызмат кылуудан баш тартуусу. |
| **Аралашма шайлоо системасы** | – пропорционалдык жана мажоритардык шайлоо системаларына негизделип түзүлгөн шайлоо системасы. Депутаттык мандаттардын бир бөлүгү мажоритардык система аркылуу, бир бөлүгү пропорционалдык системанын принциптери боюнча бөлүнөт. |
| **Анархизм** | – (гр.т. анархия – бийликсиз) саясий идеология. Бийликтин жоктугу, баш-аламандык, жарандарды мамлекет тарабынан жүргүзүлгөн ар кандай мажбурлоолордон бошотуу. |
| **Бийликти узурпациялоо** | – мыйзам бузуу менен күч колдонуп бийликти басып алуу. Бийлик бир адам же адамдардын тобу менен басылып алынышы мүмкүн. Шайлоолорду мыйзамдарды одоно бузуу жолу менен өткөрүү да бийликти узурпациялоого кирет. Кызмат ордунан кыянаттык менен пайдалануу да узурпациялоо болуп саналат. |
| **Венециялык комиссия** | – (расмий аталышы – Укук аркылуу демократия үчүн Европалык комиссиясы) Конституциялык укук боюнча кеңеш берүүчү орган. 1990-ж. Европа Кеңешинин алдында түзүлгөн, ага мүчө эмес мамлекеттер да комиссиянын иштерине катыша алат. Сессиялар Венеция шаарында өткөрүлгөндүктөн, комиссиянын аталышы да ушундан. |

| | |
|---|---|
| **Дүйнөлүк саясат** | – эл аралык мамилелердин субъектилеринин ишмердигинин чөйрөсү, тышкы саясатта жана эл аралык мамилелерде колдонуучу каражаттар жана ыкмалар. |
| **Жалпылык** | – шайлоо укугунун принциби. Бардык жарандар расасына, тилине, динине, жынысына, улутуна, кирешесинин деңгээлине, билимине кара-бастан бийлик органдарын шайлоого жана шайланууга укуктуу. |
| **Жарандык коом** | – коомдук-саясий турмуштун мамлекеттик эмес бөлүгү: Адамдын саясий ишмердигин, формалдуу, формалдуу эмес түзүлүштөрдүн, социалдык топтордун, бирикмелердин жана инсандардын кызыкчылыктарын, керектөөлөрүн канааттандырууну жана иш жүзүнө ашырууну камсыз кылуучу коомдук мамилелердин жыйындысы. |
| **Идеология** | – идеялардын жана көз караштардын системасын, коомдук турмуштун бүтүндүгүн, анын маани-маңызын, багытын, келечегин жана проблемаларын талкуулайт. |
| **Коомдук уюмдар** | – жарандардын демилгеси менен жана алардын кызыкчылыктарын турмушка ашыруу үчүн ыктыярдуу негизде түзүлгөн жарандык бирикме. |
| **Коомдук саясий кыймылдар** | – коомчулукту кызыктырган мамилелерди биргеликте чечүү үчүн түзүлгөн ар кандай коомдук уюмдар союзу, коалициясы, бирикмелери. |
| **Коммунизм** | – саясий идеологиянын бир түрү. Ага ылайык өндүрүш каражаты жалпы элге таандык. «Ар кимдин – жөндөмүнө жараша, ар кимге – керектөөсүнө жараша» бөлүштүрүү принциби жана коомдун өз алдынча башкаруусу киргизилет. |

| | |
|---|---|
| **Консерватизм** | – (лат. т. – сактоо) саясий идеологиянын бир түрү. Коомдук турмуштун салттык түзүлүш-төрүн коргоого багытталган, жаңылануунну четке кагат. |
| **Конфедерация** | – мамлекеттин тиби. Кандайдыр бир мамлекеттик иштерди координациялоо үчүн мамлекеттердин бирикмеси. |
| **Конституциялык кризис** | – өлкөнүн Баш мыйзамынын иштебей калуусу. |
| **Либерализм** | – (лат. т. «либералис» – эркин) парламенттик түзүлүштүн тарапкерлеринин саясий идеологиясы, саясий, экономикалык ж. б. чөйрөлөрдө эркиндиктин берилиши. |
| **Легитимация** | – жаңы бийликти актоо, түшүндүрүү жана коом тарбынан таануу процесси. |
| **Легитимность** | – (лат. т. «легитимус» – мыйзамдуу) саясий бийликтин мыйзамдуулугу, анын коом тарабынан таанылышы, көпчүлүк калктын колдоосуна ээ болуусу, бийликке баш ийүүгө макулдугу. |
| **Легистатура** | – эки мааниде колдонулат.<br>1) шайланган органдардын, кызмат органдарынын кызмат өтөө мөөнөтү<br>2) кээ бир өлкөлөрдө мыйзам чыгаруу органдарынын аталышы. |
| **Мамлекет** | – коомдогу саясий системалардын негизги институту: саясий бийликти колдонуу менен адамдардын мамилелерин, коомдук топтордун биргелешкен ишмердүүлүгүн, ассоциацияларын уюштуруп, багыттап, көзөмөлдөп турат. |
| **Мажоритардык шайлоо системасы** | – көпчүлүк принцибине негизделген шайлоо системасы, көпчүлүк добушка ээ болгон талапкер шайланды деп эсептелет. |

| | |
|---|---|
| **Мамлекеттик бийликтин эгемендүүлүгү** | – башка мамлекеттерге же өлкөнүн ички күчтөрүнө жана башка бийликтерге көз карандысыз болгон мамлекеттик бийлик. |
| **Непотизм** | – каржылык жана башкаруу мамилелерин чечүүдө туугандарга артыкчылыктардын берилиши (англ. т. nepotism – тууганчылдык, үй-бүлөсүнө тартуучулук) |
| **Нормотворчество** | – саясий субъекттилеринин кыймыл-аракеттерин жөнгө салуучу мыйзам менен эрежелерди иштеп чыгуу жана анын аткарылышын көзөмөлдөө. |
| **Охлократия** | – баш-аламан чогулган адамдардын бийлиги. |
| **Өкмөттүн кризиси** | – өкмөттүн кадыр-баркынын кетиши жана анын буйруктарынын жергиликтүү аткаруу бийлиги тарабынан аткарылбашы. |
| **Өкмөт** | – мамлекеттин аткаруу бийлиги, өлкөдөгү мамлекеттик саясий бийликти аткаруучу жогорку орган. |
| **Парламенттик республика** | – мамлекетти башкаруунун формасы, парламенттин үстөмдүгү принцибине негизделген жана мында өкмөт парламент алдында жоопкерчиликтүү болот. |
| **Парламенттик кризис** | – мыйзам чыгаруу бийлигинин чечимдеринин өлкөнүн көпчүлүк жарандарынын ойлору менен дал келбей калышы, же парламенттин ичиндеги саясий күчтөрдүн катыштарынын өзгөрүүсү. |
| **Парламент** | – мыйзам чыгарууга шайланган жогорку бийлик. Кыргыз Республикасында – Жогорку Кеңеш. |
| **Партиялык система** | – мамлекеттик бийликти башкарууга катышуу үчүн өлкөдөгү бардык саясий партиялардын жыйындысы. |

| | |
|---|---|
| **Президенттик республика** | – мамлекетти башкаруу формасы. Аткаруу бийлигине артыкчылык берүү принцибинде негизделген жана анын башында президент турат. |
| **Полития** | – (Polity) – тигил же бул коомдогу саясий уюм. Полития мамлекеттин өзүн же конкреттүү бир өлкөнүн жалпы жарандарынын жыйындысын, болбосо коомдук түзүмдөгү формалардын жана процесстердин жыйындысын түшүндүрүүсү мүмкүн. Политиянын жардамы менен ошол мамлекетти башкаруу иш жүзүнө ашырылат. Полития түшүнүгү АКШга окшогон жогорку деңгээлде уюшулган мамлекеттерге, ошондой эле жөнөкөй саясий бийликтин тышкы көрүнүштөрү жаңыдан пайда болгон өлкөлөргө туура келиши да мүмкүн. Полития кеңири мааниде – саясий системанын башкача аталышын түшүндүрөт. Полития – көпчүлүк контексттерге ылайык өз ара алмаштырса боло турган термин болуп саналат. |
| **Пропорциялык шайлоо системасы** | – өкүлчүлүк органдарын шайлоодо колдонулуучу шайлоо системасынын бир түрү. Шайлоо тизме боюнча жүргүзүлөт. Мыйзам тарабынан белгиленген пайыздык чектен өткөн депутаттарга тизме боюнча мандат берилет. |
| **Артыкчылыгы** | – бардык шайлоочулардын көпчүлүгүнүн добушун эсепке алууга мүмкүндүк берет. Парламентте ар түрдүү көп партиялардын болушуна кепилдик берет. Кемчилиги – шайлоочулар парламенттеги өз өкүлү ким экендигин билбей калат. |

| | |
|---|---|
| **Популизм** | – (лат. т. популюс – эл).<br>1) Кеңири эл массасынан колдоо алууга багытталган саясий позиция же риторикалык стиль.<br>2) Өз максаттарына жетүү же аларды актоо максатында коомчулукка, элге түздөн-түз кайрылуу ыкмасын колдонгон идеялык-саясий агым жана саясий ишмердүүлүктүн бир түрү. |
| **Радикализм** | – (лат. т. «родикалис» – түпкү) коом баалуулуктарын, негизги саясий институттарды чечкиндүү, терең, түп-тамырынан бери өзгөртүүнү талап кылуу. |
| **Республика** | – мамлекеттин тиби, мамлекетти башкаруучу жогорку органдары шайлоонун негизинде калыптанат. |
| **Референдум** | – (лат. т. «референдум» – кабар берүү) маанилүү маселелерди чечүү үчүн элдин оюн билүүгө негизделген жалпы элдик добуш берүү. |
| **Саясий бийлик** | – саясий чечимдерди кабыл алуу жана аткаруу үчүн саясий субъектилерге таасир көрсөтө алуу. |
| **Саясий жаңжал** | – карама-каршы турган коомдук саясий күчтөрдүн кагылышуусу |
| **Саясий кризис** | – коомдун саясий системасынын абалы, саясий чыңалуунун кескин курчуп кетиши жана жаңжалдардын күч алышы. |
| **Саясий модернизация** | – мамлекеттин саясий системасынын натыйжалуулугун көтөрүү үчүн колдонулган каражаттардын жыйындысы. |
| **Саясий партия** | – (лат. т. «партия» – бөлүк) мамлекеттик бийликке ээ болуу үчүн же башкарууга катышуу максатында өз максаттары жана кызыкчылыгы бар идеологиялык жалпылыкта байланышкан жарандардын ыктыярдуу союзу. |

| | |
|---|---|
| **Саясий элита** | – өз колуна саясий бийликти топтогон салыштырмалуу анча чоң эмес социалдык топ. Коомдун ар кайсы катмарларынын саясий кызыкчылыктарын чагылдырган, алардын байланыштарын камсыз кылуу менен бирге саясий ой-максаттарын турмушка ашыруунун механизмдерин түзүшөт. |
| **Саясат** | – эл алдындагы бийликтин институттарын пайдалануу жана орнотуу маселеси боюнча ири социалдык топтордун өз коомдук-маанилүү керектөөлөрүн жана кызыкчылыктарын турмушка ашыруу жаатындагы мамилелериндеги ишмердүүлүк. |
| **Саясий маданият** | – мураскерликтин негизинде коомдун саясий турмушунда кайра түзүүнү камсыз кылуу жана саясий процессте субъектилердин ишмердигинде пайда болуучу, мурдагы муундагы адамдардын ишенимдери, тажрыйбалары, жүрүм-турумдары жана моделдери, түшүнүктөрү калыптанган тарыхый систем. |
| **Саясий система** | – коомдун саясий турмушундагы жана мамлекет бийликти иш жүзүнө ашырууда саясий институттардын саясий мамилелеринин жыйындысы. |
| **Социалдык мамлекет** | – мамлекеттин тиби, мамлекеттик бийлик негизги басымды социалдык жаңжалдардын алдын алууга, активдүү социалдык саясат жүргүзүүгө жасайт. |
| **Саясаттын субъектиси** | – (лат. т. «субъектус» – төмөндөгү) өз кызыкчылыгына колдонуу максатында саясаттын объектилерине таасир көрсөтүп, активдүү саясий жашоону өткөрөт (жүргүзөт). |
| **Социал-реформизм** | – эволюциялык өнүгүүнү, демократиялык социализмди, капиталисттик коомду реформалоо аркылуу жетишүүгө багытталган саясий идеология. |

| | |
|---|---|
| **Саясий социалдаштыруу** | – коомдун мүчөлөрүн саясий ишмердүүлүккө тартуучу саясий система. |
| **Социалдаштыруу** | – индивидди социализмге, коомдук турмушка, жамаатта өзүн алып жүрүүгө, социалдык ролду аткарууга аралаштыруу процесси. Социализация орус тилиндеги «тарбиялоо» деген сөзгө жакыныраак, бирок, социалдаштырууда индивид билим, тарбия алуу менен бирге маданиятка катышуу аркылуу коомдун толук кандуу мүчөсү болуп калат. |
| **Суперпрезиденттик республика** | – (кээ бир булактарда – ашыкча президенттик (анг. superpresidency или superpresidentialism) мамлекетти башкаруу формасы). Бийликти бөлүштүрүү принциптери жарыяланганы менен иш жүзүндө бийлик президенттин жана ага баш ийген административдик институтардын колуна топтолгон. Авторитаризмдин бир формасы. |
| **Теңчилик** | – ар бир жаран бир добушка ээ болгон шайлоо укугунун принциби: талапкерлердин теңчилиги, шайлоочулардын саны боюнча шайлоо округдарынын теңчилиги. |
| **Тышкы саясат** | – мамлекеттин эл аралык аренадагы ишмердиги, ошондой эле өз керектөөлөрүн жана кызыкчылыктарын турмушка ашыруу үчүн коомдук жана саясий уюмдардын улуттук чек арадан тышкаркы ишмердиктери. |
| **Укуктук мамлекет** | – мамлекеттин бардык чөйрөлөрүндө мыйзамды баарынан жогору коюу принциби. |
| **Унитардык мамлекет** | – (лат. т. униос – бүтүн, бирдиктүү) бирдиктүү конституциясы жана жарандыгы бар, бирдиктүү мыйзам чыгаруучу, аткаруучу, сот бийлик органдары бар өлкө. Мамлекеттин кээ бир бөлүктөрү саясий өз алдынчалыкка ээ эмес. |

| | |
|---|---|
| **Фашизм** | – (лат. т. фашио – топтом, байланыш, бирикме) оңчул экстремистик мүнөздөгү саясий-идеялык агым, ал тоталитардык мамлекетти, жол башчылыкты жана бир топтун этникалык, расалык, маданий жана башка белгилери боюнча артыкчылыгын даңазалайт. |
| **Федеративдик мамлекет** | – (лат. т. федерацио – союз) мамлекеттин тиби. Бир нече мамлекеттердин бир союзга биригүүсү, максаты бирдиктүү мамлекет түзүү, бирок мамлекеттин субъектеринин укуктарынын бир бөлүгү сакталат. |
| **ХИПИК (HIPC)** | – алдынкы финансылык институттардын сунушу менен, дүйнөдөгү кедей өлкөлөрдүн карыздарын жоюу демилгеси. 2005-жылы Лондон шаарында 8 мамлекеттин каржы министрлери кедей мамлекеттердин карыздарын жоюу үчүн келишим түзүшкөн. Карыздын көлөмү 40–55 млрд долларды түзөт. Үнөмдөлгөн каражаттар ошол өлкөнүн социалдык абалын өнүктүрүүгө жумшалат. |
| **Шайлоолор** | – эрежелердин жана ыкмалардын жыйындысы. Саясий бийликти уюштуруунун тибин аныктап камсыздайт. Коомчулуктун катышуусу аркылуу мамлекеттин өкүлчүлүк, мыйзам чыгаруу, аткаруу жана сот органдары түзүлөт. |
| **Шайлоонун купуялыгы** | – шайлоочунун тандоосу эч кимге белгисиз болгон шайлоо укугунун принциби. |
| **Шайлоо системасы** | – шайлоо эрежелердин жыйындысы. Шайлануучу бийлик органдарын түзүүнүн тартибин аныктайт жана шайлоодон кийин орундарды бөлүштүрүү системасы. |
| **Эл аралык мамилелер** | – мамлекеттин чет өлкөлөр, эл аралык уюмдар менен болгон саясий, экономикалык, дипломатиялык, аскердик, маданий, илимий – техникалык жана башка байланыштары. |

**«Азыркы Кыргызстандагы жаран жана мамлекет» курсу үчүн жазуу жүзүндөгү тапшырмаларды түзүү үчүн мисалдар**

1. **Таблицаны толтургула**

| Бийлик бутактары | Эмне кылышат? |
|---|---|
| Мыйзам чыгаруу бийлиги | |
| Аткаруу бийлиги | |
| Сот бийлиги | |

2. **Терминдерди аныктамалары менен дал келтиргиле**

| | | |
|---|---|---|
| 1 | Ачык | а) өз ишмердигин жашап жаткан түзүлүштү талкалоого, бийликти жок кылууга, жоюуга багыттаган |
| 2 | Жашыруун | б) бийлик менен күрөшүп, коомдук турмушту өнүктүрүү программаларын жана коомдогу проблемаларды чечүүгө сунуштарды берет. |
| 3 | Лоялдуу эмес | в) Эл алдына чыкпайт, жашыруун аракеттенет |
| 4 | Конструктивдүү | г) Баарынын көз алдында, коомдук саясий турмуштун толук кандуу мүчөсү катары жашайт. |
| 5 | Деструктивдүү | д) Бийлик менен мыйзамдуулуктун чегинде күрөшүп, эгерде жеңип чыкса, аны талкалабаганга сөз берет |

3. **Төмөндө келтирилген белгилердин кайсынысы мамлекеттик бийлик үчүн мүнөздүү экендигин аныктагыла:**

А) толук кандуу кадыр-баркка ээ;
Б) өлкөнүн бүт аймагына таратылат;
В) калктын көпчүлүгү колдойт;
Г) ошол аймакта адеп-ахлак нормаларын орнотот;
Д) жалпы калкка милдеттүү болгон чечимдерди кабыл алат;
Е) башкаруунун атайын аппаратына ээ;
Ж) зордук-зомбулук көрсөтө ала турган каражаттары бар;
З) толук баш ийүүгө чакырат.

4. **Жарандын укук жана милдеттери кандайча байланышкан?**

А) эркиндикке ээ болуу үчүн укук бар жерде милдет болбош керек;
Б) укук жана милдет бирдей эле, эгер адамдын укугу бар болсо, ал андан пайдаланууга милдеттүү;
В) укук милдетти түшүндүрөт, бирок укук милдетти коштоп жүрүшү керек.

5. **Парламент менен өкмөттүн өз ара байланышынын мааниси эмнеде?**

А) бири-бирине тоскоолдук кылбай, өз иштерин аткарат;
Б) бири-биринин чечимдерине каршы чыгып, дайыма күрөшүп келет;
В) биргеликте иштеш керек: мыйзамдарды чогуу талкуулоо, чогуу кабыл алуу, чогуу аткаруу;
Г) дайыма байланышта болуу: парламент чечимдерди кабыл алат, өкмөт аткарат, өкмөт чечимдерди сунуштайт, парламент талкуулайт.

| Төмөнкү мүнөздөмөлөр кайсы башкаруу формасына дал келе турганын аныктагыла | | |
|---|---|---|
| **Мүнөздөмөлөр** | **Президенттик башкаруу формасы** | **Парламенттик башкаруу формасы** |
| А) Бийлик бутактарынын катуу тартипте бөлүнүшү.<br><br>Б) Парламент өкмөттү түзөт жана көзөмөлдөйт.<br><br>В) Президент жана парламент эл тарабынан шайланат.<br><br>Г) Парламент жападан жалгыз жогорку шайлоо органы болуп саналат.<br><br>Д) Президент парламенттин чечимдерине вета коюу укугуна ээ.<br><br>Е) Мамлекет башчысы болуп премьер-министр саналат.<br><br>Ж) Президент министрлер кабинетин түзөт жана аны жетектейт.<br><br>З) Парламенттин мүчөлөрү бир эле мезгилде министрлер кабинетинин мүчөсү да боло алат.<br><br>И) Өлкөнү иш жүзүндө өкмөт башкарат.<br><br>К) Президент аткаруу бийлигин жетектейт. | | |

6. Саясий партиялардан, коомдук кыймылдардын негизги айырмачылыктарын аныктагыла.

А) _____________________________________________

_____________________________________________

_____________________________________________

Б) _____________________________________________

_____________________________________________

_____________________________________________

## КР президенттери жана премьер-министрлери

| Президенттер | | | |
|---|---|---|---|
| Аскар Акаев<br>(27-октябрь 1991–11-апрель 2005) | Курманбек Бакиев (10-июль 2005 – 15-апрель 2010) | Роза Отунбаева<br>(21-май 2010<br>1-декабрь 2011) | Алмазбек Атамбаев 2011-жылдын 1-декабрынан тартып |
| **Премьер-министрлер** | | | |
| 1. Насирдин Исанов ( 21-январь 1991 – 29-ноябрь 1991)<br>2. Андрей Иордан (29-ноябрь 1991 – 10-февраль 1992)<br>3. Турсунбек Чыңгышев (10-февраль 1992 – 13-декабрь 1993)<br>4. Алманбет Матубраимов (13-декабрь 1993 – 14-декабрь 1993)<br>5. Апас Джумагулов (14-декабрь 1993 – 14-март 1998) | 14. Феликс Кулов (15-август 2005 – 29-январь 2007)<br>15. Азим Исабеков (29-январь 2007 – 29-март 2007)<br>16. Алмазбек Атамбаев ( 29-март 2007 – 28-ноябрь 2007)<br>17. Искендербек Айдаралиев ( 28-ноябрь 2007 – 24-декабрь2007)<br>18. Игорь Чудинов (24-декабрь 2007 – 21-декабрь 2009) | 25. Жантөрө Сатыбалдиев 2012-жылдын 6-сентябры-нан тартып КР Премьер-министри | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 6. Кубанычбек Жумалиев (14-март 1998 – 23-декабрь 1998)<br><br>7. Борис Силаев (23-декабрь 1998 – 25-декабрь 1998)<br><br>8. Жумабек Ибраимов (25-декабрь 1998 – 4 апрель 1999)<br><br>9. Борис Силаев (4-апрель 1999 – 12-апрель 1999)<br><br>10. Амангелди Муралиев (12-апрель 1999 – 21-декабрь 2000)<br><br>11. Курманбек Бакиев (21-декабрь 2000 – 22-май 2002)<br><br>12. Николай Танаев (22-май 2002 – 25-март 2005)<br><br>13. Курманбек Бакиев (25-март 2005 – 15-август 2005) | 19. Данияр Үсөнов (21-декабрь 2009 - 7-апрель 2010)<br><br>20. Роза Отунбаева (убактылуу өкмөттүн төрагасы (7-апрель 2010 -17- декабрь 2010)<br><br>21. Амангелди Муралиев Техникалык өкмөттүн жетекчиси (14-июль 2010 – 17-декабрь 2010)<br><br>22. Алмазбек Атамбаев ( 17-декабрь 2010– 1-декабрь 2011)<br><br>23. Өмүрбек Бабанов (10-декабрь 2011 –15-сентябрь 2012)<br><br>24. Аалы Карашев (убактылуу өкмөт башчысынын милде-тин аткаруучу, 1-сен-тябрь 2012 – 5-сен-тябрь 2012) | | |

**Кыргызстан: жаран жана мамлекет**
**ЖОЖдор үчүн окуу колдонмосу**
Басууга 26.02.2013 кол коюлду.
Формат 148 Х 210, 1/8. Офсет кагазы.
Көлөмү 15,75 накта басма табак. Нускасы 1000.
«ST. art LTD» ЖЧК типографиясында басылды
Бишкек ш., Тыныстанов көч. 199/46

Бул китеп 2012-жылы орус тилинде басылып чыгарылган «Гражданин и государство в современном Кыргызстане» окуу колдонмосунун негизинде толукталып, кошумча темалар менен кыргыз тилинде чыгарылды. «Кыргызстан: жаран жана мамлекет» окуу колдонмосу жарандуулук, коом жана мамлекет сыяктуу категориялар системалык түрдө каралды. Азыркы Кыргызстандагы мамлекет менен жарандын ортосундагы өз ара байланышка өзгөчө басым жасалды. Коомдук турмуштун демократиялаштыруу, мамлекеттик түзүлүш жана жарандык жоопкерчилик сыяктуу жактары талдоого алынды. Саясий жана укуктук чөйрөдөгү жарандуулуктун олуттуу проблемалары тыгыз байланышта каралды. Окуу колдонмосунун максаты – окурмандардын жарандын азыркы коомдогу жана мамлекеттеги ролу тууралуу илимий түшүнүгүн калыптандыруу болуп саналат.




ЦЕНТР ПОЛИС АЗИЯ

Астана шаарындагы
Польша Республикасынын
элчилиги